# 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренеси, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренеси, 2025-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы.

**Аудит субъектилери:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын ведомстволук бөлүмдөрү: Борбордук казыналык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансылык-кредиттик фонд, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык жана бажы кызматтары жана алардын ведомстволук түзүмдөрү, Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фонду, "Мамлекеттик өнүктүрүү банкы" ачык акционердик коому, "Борбордук депозитарий" жабык акционердик коому, "Ишкердикти өнүктүрүү фонду" микрокредиттик компаниясы ачык акционердик коому *(аудит жөнүндө отчет Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин (КР ЭПтин Кеңеши) 2025-жылдын 24-июнундагы № 01-22/31 токтому менен бекитилген),* "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому *(аудит жөнүндө отчет КР ЭПтин Кеңешинин 2025-жылдын 3-июнундагы № 01-22/29 токтому менен бекитилген),* "Мамлекеттик камсыздандыруу уюму" ачык акционердик коому *(аудит жөнүндө отчет КР ЭПтин Кеңешинин 2025-жылдын 26-августундагы № 01-22/45 токтому менен бекитилген)*.

**Аудиттин максаты**

2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышын, бюджеттен сырткары жана атайын эсептин каражаттарынын, мамлекеттик активдердин жана пассивдердин тескелишин баалоо.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, мамлекеттик каражаттарды тескөө жаатындагы мамлекеттик саясатты, ошондой эле мамлекеттик финансыны башкаруу, мамлекеттик сатып алуулар жана мамлекеттик башкаруу секторунун ички аудити, ички контролу, бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды камсыздаган мыйзам талаптарына Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ишинин шайкеш келишин изилдөө эсептелет.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Фискалдык саясат жана инвестициялар боюнча кеңешинин 2022-жылдын 7-сентябрындагы "2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө" чечими;

- “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары жана буйруктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору жана тапшырмалары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн/Министрлер Кабинетинин токтомдору жана буйруктары, бюджеттик процессти администрлөө боюнча бюджеттик процесстин катышуучуларынын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ишин жана бюджеттик процессти жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды тескөөдө мыйзамдын сакталышына, органга өкүлдөлгөн ыйгарым укукту жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предметине карата жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ишинин шайкеш келишине карата өз алдынча корутундуга келүүсүндө турат.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптарды сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келээрине негиздүү ишенимди алуу үчүн пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан берилген документтердин негизинде жүргүзүлдү.

Аудит тарабынан бюджеттик чөйрөгө тиешелүү ченемдик укуктук актылар, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук изилденген.

Аудит, корутундуларды тастыктаган жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду өзүнө камтыйт. Аудит чогултулган аудитордук далилдер бул отчетто жазылган корутундулар жана сунуштамалар үчүн негизди камсыз кылуу боюнча жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы төмөнкү позицияларды кошпогондо, кошумча пикир менен, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдардын талаптарына ылайык келгендиги аныкталды.

*Кошумча пикир билдирүүгө негиз:*

*2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун каражаттары боюнча иш жүзүндөгү чыгашалар* ***823,6 млн сомго*** *аз көрсөтүлүп, бурмаланган.*

2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча **20 618 604,3 миң сомго** *бюджет боюнча каржы бузуулар,* **63 523 649,4 миң сомго** *эсеп боюнча бузуулар* аныкталды. Жалпы аныкталган бузуулардын ичинен 67 722 864,7 миң сом калыбына келтирүүгө тийиш болсо, аудит учурунда **61 442 031,5 миң сом** калыбына келтирилип, калыбына келтирүүгө тийиш болгон бузуулардын калдыгы 6 280 833,2 миң сомду түздү, анын ичинен 4 077 100,7 миң сом бюджет боюнча, 2 203 732,5 миң сом эсеп боюнча.

Мындан сырткары, жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча процедуралык бузуулар дагы орун алган.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча берилген:

- 48 пункттан турган жазма буйруктун *(2024-жылдын 6-сентябрындагы №01-20/109)* 38 пункту толук аткарылган, 9 пункт жарым-жартылай аткарылган (1, 3, 4, 11, 13, 15, 32, 47, 48-пункттары) жана 1 пункт аткарылган эмес (23-пункт);
- 55 пункттан турган сунуштаманын *(2024-жылдын 6-сентябрындагы №01-20/108)* 54 пункту толук аткарылган, 1 пункт аткарылган эмес (33-пункт).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча берилген:

- 2024-жылдын 6-сентябрындагы №01-20/109 жазма буйруктун жарым-жартылай аткарылган 1, 3, 4, 11, 13, 15, 32, 47, 48-пункттары жана аткарыла элек 23-пункту аткарылсын жана 52 502,6 миң сом өлчөмүндөгү калыбына келтирилбеген сумма калыбына келтирилсин;
- 2024-жылдын 6-сентябрындагы №01-20/108 сунуштаманын аткарыла элек 33-пункту аткарылсын.

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине сунуш***

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга карата республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйрук *(2024-жылдын 6-сентябрындагы №01-20/109)* толук аткарылбагандыгы үчүн, айрым бузуулар 2024-жылы дагы кайталангандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жетекчилигинин жоопкерчилиги каралсын.

**Бюджеттик календарь**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 81-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун сунушу боюнча тиешелүүлүгүнө жараша бюджеттик процесстин календардык планын (бюджеттик календарды) бекитет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-январындагы № 26-т тескемеси (мындан ары – Тескеме) менен бекитилген, 2024-жылга бюджеттик календарь сакталган эмес:

1. Тескеменин 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолун Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2023-жылдын 31-мартына чейинки мөөнөттө жөнөтүү тапшырылган, бирок, 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу 2023-жылдын 8-сентябрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №454 токтому менен кабыл алынган.

2. 2023-2025-жылдарга такталган кирешелерди берүү мөөнөттөрү бузулган (2023-жылдын 10-апрелине чейинки мөөнөттө берүү каралган), анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан 2023-жылдын 29-майында;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан 2023-жылдын 25-майында;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан 2023-жылдын 23-майында тиешелүү маалымат берилген.

3. Бюджеттик чыгымдардын сектордук стратегияларынын долбоорлорун 2023-жылдын 5-майына чейинки мөөнөттө берүү каралган, бирок, министрликтер жана ведомстволор тарабынан 2023-жылдын 26-майында берилген.

4. 2024-2028-жылдарга фискалдык саясаттын негизги багыттарынын долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Фискалдык жана инвестициялык саясат боюнча Кеңешинин кароосуна 2023-жылдын 1-сентябрындагы чыг. №09-3/10925 кат менен 92 күнгө кечигүү менен берилген, берүү мөөнөтү 2023-жылдын 1-июнуна чейин каралган.

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:***

- Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын долбоорун жана тиешелүү жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун өз убагында жана сапаттуу даярдоо максатында, Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолун Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине өз учурунда берүү жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен каралган мөөнөттөрдү бузуу менен бекитүүгө жол бербөө боюнча чаралар көрүлсүн;
- "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун өз учурунда жана сапаттуу даярдоого терс таасирин тийгизген жана 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын долбоорунун өз убагында даярдалбашына, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2023-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолун өз убагында бербөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## Макроэкономикалык кырдаалды талдоо

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2024-жылдын январь-декабрь айларында ички дүң продуктунун (ИДП) реалдуу өсүүсү 9% деңгээлинде түзүлгөн, бул болсо, 2024-жылга ИДПнын болжолдонгон өсүүсүнөн 2,7 %га жогору.

ИДПнын номиналдуу көлөмү 1 523 235,8 млн сомду түзгөн, ал эми 2024-жылга болжолдонгон ИДПнын номиналдуу көлөмү 1 414 726,7 млн сом деңгээлинде күтүлгөн.

2024-жылдын январь-декабры үчүн керектөө бааларынын индекси өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу 6,3%ды түзгөн (2024-жылга болжолдоо 6,6% деңгээлинде күтүлгөн).

2024-жылдын январь-декабры үчүн керектөө бааларынын индекси 2023-жылдын январь-декабрына карата 5,0%ды түзгөн (2024-жылга болжолдоо 5,8% деңгээлинде күтүлгөн).

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча өнөр жай продукциясынын реалдуу өсүүсү 5,5%га жеткен, бул - пайдалуу кендерди казуунун 4,0%га, энергетикалык сектордун 15,8%га, иштеп чыгуу өнөр жайында 4,4%га өсүү менен шартталган (2024-жылга болжолдоо өнөр жай продукциясынын 3,1%га өсүшү күтүлгөн: пайдалуу кендерди казуу 3,5%га, иштеп чыгуу өнөр жайы 2,9%га, энергетикалык сектор 3,3%га өсүү менен).

2024-жылы кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө реалдуу өсүү 9,7%ды түзгөн (болжолдоо 6,2%). Болжолдонгонго салыштырмалуу өсүү темпинин көбөйүүсү: чекене жана дүң сооданын 16,3%га өсүүсү (болжолдонгон 11,4%га каршы), автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун 28,2%га өсүүсү

(болжолдонгон 18,0%га каршы), маалымат жана байланыш кызмат көрсөтүүсүнүн 6,7%га өсүүсү (болжолдонгон 2,5%га каршы) менен шартталган.

2024-жылы айыл чарбасында, токой чарбасында жана балыкчылыкта өсүү 6,3%ды түзгөн (болжолдоо 2,5%). Болжолдонгонго салыштырмалуу өсүү темпинин көбөйүүсү: өсүмдүк өстүрүүчүлүктө 10,3%га (болжолдонгон 2,8%га каршы), мал чарбачылыгында 3,1%га өсүү (болжолдонгон 2,3%га каршы) менен түшүндүрүлөт.

2024-жылы негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүү деңгээли, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 24,8%га көбөйгөн (болжолдоо 28,1%).

2024-жыл ичинде курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 285 709,7 млн. сомду түзүп, реалдуу өсүү темпи 18,0%ды түзгөн (2024-жылга курулуштун дүң продукциясынын болжолу 241 440,2 млн. сом деңгээлинде 15,7% өсүү менен күтүлгөн).

2024-жылы орточо бир айлык эмгек акынын реалдуу өсүүсү 7,3%ды түзгөн, номиналдуу түрдө орточо эмгек акы 37 361 сом деңгээлинде белгиленген (болжолдоо орточо эмгек акы 35 966,8 сом, реалдуу өсүү темпи 2,2% деңгээлинде күтүлгөн).

2024-жылдагы тышкы соода жүгүртүүсү 16 041,7 млн. АКШ долларын түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 0,9%га көбөйгөн. Анын ичинен: экспорт – 3 827,7 млн. АКШ доллары (13,1%га өсүү), импорт – 12 214,0 млн. АКШ доллары (2,4%га төмөндөө).2024-жылга тышкы соода жүгүртүүнүн болжолу 16 906,0 млн. АКШ доллары деңгээлинде (8,0% өсүү менен) күтүлгөн эле, анын ичинде: экспорт 3 506,0 млн. АКШ доллары (6,0% өсүү) жана импорт 13 400,0 млн. АКШ доллары (8,5% өсүү).

## 2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кирешелер боюнча 378 405,6 млн сомго жана чыгымдар боюнча 367 493,2 млн сомго бекитилген, жана республикалык бюджеттин профицити 10 912,4 млн сомго чектелген өлчөмү белгиленген.

Республикалык бюджеттин динамикасы төмөндөгүдөй:

№ 1 таблица
(млн. сом)

| | **12.01.2024-жылдагы Республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** | **15.01.2025-жылдагы Республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** | **Четтөө 3-топ- 2-топ** | **РБны иш жүзүндө аткаруу** | **Четтөө 5-топ-3-топ** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Кирешелер | 378 405,6 | 410 588,3 | +32 182,7 | 417 536,2 | + 6 944,6 |
| Чыгымдар | 367 493, 2 | 404 149,4 | +36 656,2 | 383 228,7 | -20 920,7 |
| Тартыштык | | | | | |
| Профицит | 10 912,4 | 6 438, 9 | - 4 473,5 | 34 307,5 | |

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен төмөндөгүлөр такталган:

- кирешелер 410 588,3 млн сомго чейин, же 32 182,7 млн сомго көбөйүү менен;
- чыгымдар 404 149,4 млн сомго чейин, же 36 656,2 млн сомго көбөйүү менен;
- профицит 6 438,9 млн сомго чейин, же 4 473,5 млн сомго азаюу менен.

Республикалык бюджеттин такталышына жүргүзүлгөн талдоо, 32 182,7 млн сомго кирешелерди көбөйтүү менен, бюджеттин чыгымдары 36 656,2 млн сомго көбөйтүлгөндүгүн, ошону менен бирге, бюджеттин профицитинин деңгээли 4 473,5 млн сомго азайтылгандыгын көрсөттү.

Отчеттук маалыматка ылайык, республикалык бюджеттин иш жүзүндө аткарылышы, төмөндөгүлөр боюнча жүргүзүлгөн:

- 417 536,2 млн сомго кирешелер боюнча, же такталган бюджетти 6 944,6 млн сомго ашыруу менен;
- 383 228,7 млн сомго чыгымдар боюнча, же мыйзам менен каралган чыгымдар 20 920,7 млн сомго жеткире өздөштүрүлгөн эмес.
- бюджеттин профицити 34 307,5 млн сом деңгээлинде түзүлгөн, же ИДПга карата 2,3 % деңгээлинде;
- 2024-жылдын аягында алыш-бериш эсептериндеги бош каражаттар 20 870,1 млн сомду түзгөн (бюджеттик каражаттар - 12 085,4 млн сом, атайын каражаттар - 8 784,7 млн сом).

Такталган республикалык бюджеттин көрсөткүчтөрүн колдонуудагы четтөөлөр жылдын акырына карата пайдаланылбаган калдыктардын түзүлүшүнө алып келген.

Ошону менен бирге, операциялык чыгымдарды каржылоо (атайын каражаттарды эсепке алуу менен), такталган пландын 96,6%ын түзгөндүгү белгиленет.

Чыгымдар беренелери боюнча бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары, сметалык багыттоолордун бардык көрсөткүчтөрү боюнча пландык көрсөткүчтөрдөн четтөөлөр бар экендигин көрсөткөн.

*Республикалык бюджетте каралган көрсөткүчтөрдөн четтөөлөр 20 920,7 млн сомду түзгөн (атайын каражаттарды эске алуу менен), анын ичинен: операциялык чыгымдар – 10 943,6 млн сом, финансылык эмес активдер – 9 977,1 млн сом.*

Жыйынтыгында, “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2026-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 3, 4, 5, 6-беренелери четтөө менен аткарылган.

Республикалык бюджеттин корголгон беренелери (атайын каражаттарды эсепке албастан) негизинен 2 766,9 млн сомго өздөштүрүлгөн эмес, анын ичинен: “Эмгек акы” беренеси боюнча 1 862,6 млн сомго,

“Медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу” беренеси боюнча 221,6 млн сомго, “Тамак-аш азыктарын сатып алуу” беренеси боюнча 485,9 млн сомго, “Социалдык камсыз кылуу боюнча жөлөкпулдар” беренеси боюнча 100,8 млн сомго, Кыргыз Республикасынан Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна трансферттер боюнча 96,0 млн сомго.

Көрсөтүлгөн Мыйзамдын 5-беренесинин 1-пункту менен белгиленген, мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышынын параметрлери 3 775,6 млн сомго четтөө менен аткарылган, анын ичинен: мамлекеттик инвестицияларды каржылоонун ички булактары - 299,5 млн сомго, тышкы булактары – 3 476,1 млн сомго.

## Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин 2021-2024-жылдар аралыгындагы динамикасын талдоо

2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана республикалык бюджеттеринин киреше бөлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча туруктуу оң динамика байкалган. Бул ички киреше базасын чыңдоо, каржылоонун тышкы булактарынан көз карандылыкты азайтуу жана фискалдык туруктуулукту бекемдөө боюнча ырааттуу иш-чаралар жөнүндө күбөлөндүрөт.

Мамлекеттик бюджеттин жыйынды киреше 2021-жылы 209,8 млрд сомду түзсө, 2024-жылы 464,5 млрд сомго чейин же 2,2 эсеге көбөйгөн. Аны менен катар, утурумдук кирешелер 2021-жылы 196,1 млрд сомду түзсө, 2024-жылы 450,4 млрд сомду түзгөн, бул дагы ички киреше базасынын өсүшүнүн жогорку темпин күбөлөндүрөт.

№1 диаграмма




Өсүшкө эң көп салым, салыктык кирешелер менен камсыздалган, алар, 2021-жылы 151,2 млрд сомдон 2024-жылы 348,9 млрд сомго чейин көбөйгөн, бул дээрлик эки эсе өсүүнү жана салыктык тескөөнүн жакшыртылышын көрсөтүп турат. Эгерде, 2021-жылы салыктык кирешелердин үлүшү кирешелердин жалпы көлөмүнүн 72,1%ды түзсө, 2024-жылы 75,1 %ды түзгөн.

Салыктык эмес кирешелер 2021-жылдагы 44,9 млрд сомдон (кирешелердин жалпы көлөмүнөн 21,4%) 2024-жылы 101,4 млрд сомго чейин (21,8%) өскөн. Кирешелердин түзүмүндө туруктуу үлүштүн сакталышына карабастан, алар абсолюттук мааниде 2,2 эседен ашык көбөйгөн. КРУБдун пайдасы жана дивиденддер сыяктуу кошумча түшүүлөр бюджеттин кошумча чыгымдарынын бир бөлүгүн жабууга мүмкүндүк бергенин, белгилей кетүү керек.

Кирешелердин жалпы көлөмүндө тышкы гранттардын үлүшүнүн акырындык менен төмөндөшү байкалат:

2021-жылы гранттардын үлүшү бардык кирешелердин 6,5%ын; 2022-жылы - 6,5 %ды; 2023-жылы - 4,1%ды; 2024-жылы - 3,0%ды түзгөн.

Бул динамика бюджеттик саясат өзүнүн киреше базасын өстүрүүгө жана фискалдык туруктуулукту чыңдоого ырааттуу багытталгандыгын күбөлөндүрөт. Негизги басым ички ресурстарды мобилизациялоого жана гранттык келип түшүүлөрдү кошо алганда, тышкы жардамдан көз карандылыкты азайтууга багытталган.

Бюджетке түшүүлөрдүн олуттуу жогорулашы артыкчылыктуу секторлорду социалдык камсыздоо жана каржылоо боюнча бардык милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоого гана эмес, олуттуу ресурстарды, инфраструктураны өнүктүрүүгө, экономикалык активдүүлүккө дем берүүгө, мамлекеттик инвестициялардын масштабдуу программаларын ишке ашырууга, капиталдык салымдарды көбөйтүүгө, ипотекалык кредиттөө механизмдерин өнүктүрүүгө жана өлкөнүн энергетикалык потенциалын чыңдоого багыттоого мүмкүндүк берген.

Атап айтканда, 2021-жылдан 2024-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында капиталдык салымдардын көлөмүнүн ырааттуу өсүшү байкалган. Төрт жылдын ичинде капиталдык салымдардын көлөмү дээрлик беш эсеге өскөн.

2024-жылы “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКсына финансылык ресурстар менен камсыз кылуу жана “Менин жашоом” мамлекеттик программасын ишке ашыруу максатында 21 461,9 млн сом суммасында каражат бөлүнгөн.

Аймактарды өнүктүрүүгө кошо каржылоо шарттарында конкурстук негизде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына республикалык бюджеттен бөлүнүүчү дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 984,2 млн сом суммасына 429 долбоор (такталган пландын 98,4%ы) каржыланган, алардын ичинен 422 долбоор аяктаган.

Энергетика сектору 91,3 млрд сомду өздөштүргөн. Негизги каражаттар мамлекеттик энергетикалык ишканалардын финансылык туруктуулугун жогорулатууга, күзгү-кышкы мезгилди (ККМ) даярдоого жана өткөрүүгө, ошондой эле жеңилдетилген бюджеттик кредиттерди берүүгө багытталган. Каражаттын олуттуу бөлүгү энергетикалык компаниялардын уставдык капиталын көбөйтүүгө, анын ичинде “Электр станциялары” ААКсынын, “Кыргызстандын улуттук электр тармагы” ААКсынын жана

“Нарынгидроэнергокурулуш”ААКсынын карыздарын жөнгө салууга бөлүнгөн.

Агросектор боюнча 18,4 млрд сом өздөштүрүлгөн, анын ичинен:

- Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги тарабынан 15,1 млрд сом;

- Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан 1,9 млрд сом;

- Агроөнөр жай комплексин кредиттөө долбоору менен 0,8 млрд сом;

- Айыл чарбасын каржылоо - 11 долбоор 0,2 млрд сом;

- Айыл чарбасын каржылоо - 12 долбоор 0,3 млрд сом.

Жол тармагына 22,9 млрд сом бөлүнгөн, анын ичинен 1,2 млрд сом 451 даана жол-курулуш техникаларын сатып алууга багытталган.

2024-жылдын январь-декабрында тышкы каржылоонун (кредиттер жана гранттар) эсебинен мамлекеттик инвестициялар (МИ) боюнча чыгымдардын жалпы көлөмү 35,2 млрд сомду түзгөн. Бул каражаттардын эң көп бөлүгү 10,0 млрд сом транспорт тармагына, 7,3 млрд сом агрардык секторго багытталган.

**2024-жылга республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

2024-жылы республикалык бюджеттин жалпы кирешеси 417 532,98 млн сомду түзүп, такталган пландын (410 588,33 млн сом) 101,7%ына барабар болгон. 2023-жылга салыштырмалуу кирешелер 59 786,9 млн сомго же 16,7%га өскөн.

**Салыктык кирешелер** 315 705,81 млн сом болуп, такталган пландын (310 632,04 млн сом) 101,6%ын түзгөн, ашыкча келип түшүүнүн суммасы - 5 073,77 млн сом. Өткөн жылга салыштырмалуу салыктык кирешелердин келип түшүшү 49 622,9 млн сомго, же 18,6%га жогорулаган.

**Салыктык кирешелердин түзүмүндө:**

• Мамлекеттик салык кызматы тарабынан администрленген салыктык кирешелер 192 620,06 млн сомду түзүп, такталган пландын (189 632,04 млн. сом) 101,6%ына жеткен, ашыкча келип түшүү - 2 988,02 млн сом. 2023-жылга салыштырмалуу түшүүлөр 38 045,3 млн сомго же 24,6 %га көбөйгөн.

• Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан администрленген салыктык кирешелер 123 085,75 млн сом болуп, такталган пландын (121 000,0 млн сом) 101,7%ын түзгөн, ашыкча келип түшүү - 2 085,75 млн сом. 2023-жылга салыштырмалуу өсүш 11 577,6 млн сомду же 10,4%ды түзгөн.

**Салыктык эмес кирешелер** 87 729,79 млн сомду түзүп, такталган пландын (84 837,59 млн сом) 103,4%ына барабар болгон. Өткөн жылга салыштырмалуу өсүш 12 272,9 млн сомду же 16,3%ды түзгөн.

2024-жылы **расмий трансферттердин** (гранттардын) келип түшүшү 14 097,38 млн сомду түзүп, пландык көрсөткүчтөн (15 118,7 млн сом) 93,2%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу бул берененин кирешелери 2 108,9 млн сомго кыскарган.

**2024-жылга республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

№ 2 таблица

(млн. сом)

| Көрсөткүчтүн аталышы | 2023-ж. иш жүзүндө | 2024-ж. такталган план | 2024-ж. иш жүзүндө | Такталган пландан иш жүзүндө четтөөлөрү | % пландын аткарылышы |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы кирешелер | 357 747,6 | 410 588,33 | 417 532,98 | 6 944,65 | 101,7 |
| Салык кирешелери | 266 082,9 | 310 632,04 | 315 705,81 | 5 073,77 | 101,6 |
| МСК | 154 574,8 | 189 632,04 | 192 620,06 | 2 988,02 | 101,6 |
| МБК | 111 508,1 | 121 000,0 | 123 085,75 | 2 085,75 | 101,7 |
| Салыктык эмес кирешелер | 75 456,9 | 84 837,59 | 87 729,79 | 2 892,20 | 103,4 |
| Расмий трансферттер | 16 206,3 | 15 118,7 | 14 097,38 | -1 021,32 | 93,2 |
| Сатуудан түшкөн киреше | 1,5 | - | - | - | - |

**Динамика боюнча кыскача түшүндүрмөлөр:**

Салыктык кирешелердин өсүшү салык салынуучу базаны кеңейтүүнүн, администрлөөнү жакшыртуунун, салыктык жана бажылык жол-жоболорду санариптештирүүнүн эсебинен камсыздалган. Пландын ашыкча аткарылышына негизги салымды, товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө салыктар (КНС жана сатуу салыгын кошкондо), ошондой эле эл аралык соодадан жана тышкы операциялар боюнча салыктардан түшкөн кирешелердин өсүшү түзгөн.

Салыктык эмес кирешелердин негизги өсүшү мамлекеттик ишканалардан дивиденддердин, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан түшкөн пайданын көбөйүшү, ошондой эле айрым акы төлөнүүчү кызматтардан, айып пулдардан жана туумдардан келип түшкөн каражаттардын өсүшү менен шартталган.

Расмий трансферттердин түшүүсүнүн азайышы, айрым программалар жана гранттар боюнча тышкы колдоонун көлөмүнүн азайышына байланыштуу болгон.

## Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн болжолдоонун жана аткаруунун абалы

**Аныкталды:**

Республикалык бюджетке салыктык кирешелердин көлөмү 318 345 222,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген, тактоонун жыйынтыгында 310 632 042,0 миң сомду түзгөн жана иш жүзүндө 315 705 807,8 миң сом өлчөмүндө аткарылган. Бул тактоо маалында салыктык кирешелер баштапкы бекитилген көлөмгө салыштырмалуу 7,7 млрд сомго же 2,4 %га азайганын көрсөтөт. Ошол эле учурда, иш жүзүндө түшүүлөр такталган болжолдоодон 5,1 млрд сомго көп болуп, бул киреше бөлүгүн баалоодо тактоонун жетишсиз болгонун көрсөтөт.

Негизги салыктар боюнча бекитилген, такталган жана чыныгы маалыматтарды салыштыруу төмөнкүлөрдү көрсөткөн:

- пайда салыгы: 35 333,2 млн сом өлчөмүндө бекитилген, 35 333,2 млн сомго такталган, иш жүзүндө 36 239,5 млн сом (такталган көрсөткүчтөн 906,3 млн сомго көп);

- республиканын аймагында товарларга, жумуштарга жана кызмат көрсөтүүгө КНС: 39653,6 млн сом өлчөмүндө бекитилген, 35 660,4 млн сомго такталган, иш жүзүндө 37 154,6 млн сом (же 1 494,2 млн сомго көп);

- импортко КНС: 142 138,0 млн сом өлчөмүндө бекитилген, 111 050,4 млн сомго такталган, иш жүзүндө 112 592,1 млн сом (же 1 541,7 млн сомго көп);

- акциздер: 17 665,0 млн сом өлчөмүндө бекитилген, 19 231,1 млн сомго такталган, иш жүзүндө 19 417,9 млн сом (такталган көрсөткүчтөн 186,8 млн сомго көп).

Бул мисалдар көрсөткөндөй, көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү айрым учурларда салык базасынын мониторинг тутумундагы жана анын тенденцияларындагы кемчиликтер менен байланыштуу болгон.

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы № 604 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоо методикасынын (мындан ары – Методика) колдонулушу:*

Талдоо көрсөткөндөй, болжолдоону башкаруу органында Методиканын айрым аспаптары, мисалы, ийкемдүүлүк жана натыйжалуу коюм коэффициенттери (ИДПга карата) колдонулат, бирок Методикада (айрыкча, 4-бөлүмдө) талап кылынгандай салык мыйзамындагы өзгөрүүлөрдүн таасиринин сандык баалоосу жүргүзүлбөйт. Ошондой эле, аймактык жана тармактык бөлүштүрүүдө салыктык потенциалдын эсептөөлөрү жетишсиз эске алынат. Бул өз кезегинде, сырттан же тармактан келген шок учурларында, бюджеттин айрым аймактарда жана секторлордо аткарылбай калышынын тобокелдигин жаратат.

Мындан тышкары, салыктык базанын динамикасын тастыктаган сандык эсептөөлөр жетишсиз колдонулат (сатуу көлөмү, импорт, келип түшкөн акча, салык төлөөчүлөрдүн саны), бул болсо бекитилген жана такталган божомолдордун негиздүүлүгүнүн жана ачык-айкындыгынын деңгээлин төмөндөтөт.

**Корутунду:**

2024-жылга республикалык бюджеттин салыктык кирешелерин болжолдоо, такталган көрсөткүчтөрдү төмөндөтүү менен коштолгон, аткаруу динамикасы жана макроэкономикалык туруктуулук эске алынган эмес. Методикасы толук эмес, айрым эсептик жана аналитикалык ыкмалар гана тандалма колдонулган.

**Сунуштама:**

- Салыктык кирешелерди болжолдоодо негизсиз төмөндөтүүлөргө жол берилбесин;

- Методиканын бардык талаптарын, анын ичинде салыктык реформалардын таасирин сандык түрдө талдоо, салыктык потенциалды эсептөө жана болжолдоодо сценарийдик ыкманы колдонуу камсыз кылынсын;

- Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү тартибинин талаптарын толук аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте маалыматтарды интеграциялоо маселеси каралсын.

## Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы

**Салыктык жеңилдиктер**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, 2024-жылга карата Мамлекеттик салык кызматынын маалыматы боюнча жеке салык төлөөчүлөр үчүн берилген салыктык жеңилдиктери ИДПга карата болжол менен 4,2%ды же 64,0 млрд сомду түзгөн.

2022-2024-жылдарга салык мыйзамдарында каралган салыктык жеңилдиктер жана бошотуулар:

- 2022-жылы 60,1 млрд сом же ИДПга карата 5,9%;
- 2023-жылы 53,5 млрд сом же ИДПга карата 4,0%;
- 2024-жылы 64,0 млрд сом же ИДПга карата 4,2%.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, 2024-жылга карата каралган салыктык жеңилдиктерге жана бошотууларга жүргүзүлгөн талдоо, бардык жеңилдиктердин жана преференциялардын ичинен КНС боюнча каралган салыктык жеңилдиктер 56,5%ды түзгөн, андан кийин 25,2% үлүшү менен киреше салыгы, пайда салыгы 9,0%ды, сатык салыгы 7,7%ды, үлүшү менен жана мүлк салыгы1,6%ды түзгөн.

КНС боюнча эң чоң салыктык жеңилдиктер жана бошотуулар төмөнкү позициялар боюнча берилген:

- эл аралык келишимдер – 27,2%;
- негизги каражаттар – 23,4%;
- дары-дармек каражаттары – 8,3%;
- финансылык кызмат көрсөтүүлөр – 4,8%.

Салык жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын өсүшүнө талдоо жүргүзүүдө, 2024-жылга карата карызды кыскартуу боюнча көрүлгөн чараларга карабастан, 2025-жылдын 1-январына карата салыктар боюнча карыз 310 160 салык төлөөчү боюнча 65 483,1 млн сомду түзгөн, анын ичинен негизги карыз – 34 277,2 млн сом, туум - 25 299,9 млн сом, салык санкциясы – 5 905,9 млн сом. 2024-жылдын 1-январына (47 024,2 млн сом) салыштырмалуу 18 458,9 млн сомго көбөйгөн же өсүү темпи 139,3%ды түзгөн, анын ичинен 2025-жылдын 1-январына карата кайтарымсыз карыз 18 908 салык төлөөчү боюнча 6 420,8 млн сомду түзгөн.

**Салыктар боюнча жоготуулар**

Салыктар боюнча жоготуулар эсеп менен 21 284,3 млн сомду түзгөн, анын ичинен:

• 2025-жылдын 1-январына карата 18 908 салык төлөөчүлөр боюнча кайтарымсыз салык карызы 6 420,8 млн сомду;

•2023-2024-жылдар ичинде салынган айыптардан 2025-жылдын 8-июлуна карата өндүрүлбөгөн калдык 17,9 млн сомду;

•Мамлекеттик салык кызматынын 7 башкармалыгынын 2024-жылга карата ККМ аппаратын колдонуучу салык төлөөчүлөрүнүн санынын өсүшүнө карабастан, ККМди колдонуудагы кирешелеринин көлөмү 2023-жылга салыштырмалуу 114 196,4 млн сомго азайган. Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуунун бардык көлөмдөрү ККМ аппараттары аркылуу жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында, 2024-жылы КНС жана сатуудан алынуучу салыктан жоготуулар эсеп менен 14 845,5 млн сомду түзгөн.

Мындан тышкары, салыктарды төлөбөй коюу тобокелдиги эсеп менен 47 739,1 млн сомду түзгөн, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасы боюнча "КНСтин автоматташтырылган башкаруу системасы (АБС)" программасынын маалыматынын негизинде КНС боюнча отчеттордогу тобокелдиктерге алып келчү айырмачылык 2024-жылга карата 3 115,5 млн сомду түзгөн, ал эми 2025-жылдын 1-январына карата 11 003,3 млн сомду түзгөн;

- Салык төлөөчүлөрдүн бирдиктүү салык декларацияларынын, салык отчеттордун, эсеп-фактураларынын, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин берген маалыматтарынын негизинде талдоо жүргүзүлүп, 36 735,8 млн сомго салыктарды төлөбөй коюу тобокелдиги бар экендиги аныкталган. Аудит учурунда Салык кызматы тарабынан 634,1 млн сомго кошумча салыктар эсептелип, салык төлөөчүлөр менен тиешелүү иштер жүргүзүлгөн.

2024-жылы жалпы суммасы 73 988,2 миң сомго колго түшүрүлгөн акциздик маркасы жок товарлар тобу аныкталган, анын ичинен: 5 051,1 миң сомго алкоголдук ичимдиктер (65 103 бөтөлкө), 36 503,0 миң сомго тамеки каражаттары (362 517 кутуча), 32 434,0 миң сом жана башкалар (505 116,4 даана).

Аудитке Мамлекеттик салык кызматынын тиешелүү бөлүмү тарабынан алынган товарлардын мурунку жылдардан келе жаткан калдыктары, жыл ичиндеги кириштелгени жана чыгышталганы боюнча отчет/маалыматты берилген жок. 73 988,2 миң сомго алынган товарлардын канчасы кайтарылды, жок кылынды, мурунку жылдардан келе жаткан калдыктары боюнча отчет жүргүзүлгөн эмес.

***Эскертүү:*** *Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча тиешелүү жазма буйруктар жана сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына жөнөтүлгөн.*

**Атайын эсептерде топтолгон каражаттар**

2023-жылы республикалык бюджеттин атайын каражаттары боюнча келип түшүүлөр 26 948,9 млн сомду түзгөн. 2024-жылга кирешелер 21 151,3 млн сом өлчөмүндө бекитилип, такталган пландан 21 047,7 млн сомго төмөндөтүлгөн, ал эми 2024-жылдын 31-декабрына карата иш жүзүндө 20 730,3 млн сом келип түшкөн. Демек, тактоодо пландык көрсөткүч 103,6 млн сомго же 0,5%га төмөндөтүлгөн, ал эми жыл жыйынтыгы боюнча атайын каражаттардын кирешелерин аткаруу такталган планга карата 98%ды түзгөн, же айырма 317,5 млн сомду түзгөн.

Акыркы жылга салыштырмалуу пландалган жана такталган көрсөткүчтөрдүн төмөндөшүнүн туруктуу тенденциясы байкалууда, ошол эле учурда, иш жүзүндө аткаруу деңгээли жогору бойдон калууда. Бул атайын каражаттар боюнча келип түшүүлөрдүн алдын ала аныктыгынын жана тескелишин тастыктайт. Бирок, аудит учурунда 2023-жылга салыштырмалуу пландык параметрлерди төмөндөтүүдө жетиштүү аналитикалык негиздеме болбогондугу, көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүнүн жана келип түшүүлөрдүн түзүмү боюнча деталдуу эсептөөлөр берилбегендиги жана пландан четтөө факторлоруна системалуу талдоо жүргүзүлбөгөндүгү аныкталган.

Айрым учурларда, болжолдоо формалдуу түрдө жүргүзүлүп, өсүү резервдери жана суроо-талаптын динамикасы эске алынган эмес, пайдаланылбаган калдыктар жана каражаттарды кайра бөлүштүрүү жол-жоболору боюнча аналитика берилген эмес, бул болсо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомунун *(КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтомуна ылайык күчүн жоготту)* талаптарына толугу менен туура келбейт.

Негизинен, 2024-жылы республикалык бюджеттин атайын каражаттары боюнча кирешелер жогорку деңгээлде аткарылган, бирок такталган планга салыштырмалуу аз аткарылган.

### Салыктык эмес төлөмдөрдү администрлөөнүн абалы

Республикалык бюджеттин 2024-жыл үчүн салыктык эмес кирешелеринин жалпы көлөмү 42 124 616,7 миң сом өлчөмүндө бекитилип, тактоонун жыйынтыгында 84 837 587,5 миң сомго жеткирилген жана иш жүзүндө 87 729 787,3 миң сом суммасында аткарылган.

**Аныкталды**

Салыктык эмес кирешелер боюнча баштапкы план республикалык бюджеттин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө салыштырмалуу бир топ төмөн деңгээлде аныкталган. Мунун натыйжасында, тактоо баскычында кирешелер боюнча болжолдоо эки эседен ашык көбөйтүлүүгө аргасыз болгон. Бул болсо, киреше түзүүчү факторлор жетишсиз талданып, баштапкы эсептөөлөрдүн тактыгы төмөн болгондугун көрсөтөт.

Бюджеттин параметрлерин кайра карап чыгууда, негизги беренелер боюнча, анын ичинде ири түшүүлөр (дивиденддер, Улуттук банктын пайдасы, акы төлөнүүчү кызматтардан түшкөн кирешелер) боюнча деталдуу негиздемелер берилген эмес. Параметрлерге өзгөртүүлөрдү киргизүүдө аналитикалык маалымкаттар жана сандык эсептөөлөр тиркелген эмес, бул болсо, Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 6, 8-беренелеринин, ошондой эле Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоо методикасынын 2-бөлүмүнүн талаптарына туура келбейт.

*Методиканын аспаптарын толук пайдаланбоо*

Салыктык эмес кирешелерди болжолдоо ар бир булак боюнча (кызмат түрлөрү, дивиденддер, ижара, айып пулдар жана башка) эсептөө базасын милдеттүү түрдө эсептөө менен коштолгон эмес, башкача айтканда, сценардуу же альтернативдүү талдоо жүргүзүлгөн эмес. Муну менен катар, тактоонун олуттуу бөлүгү түзүмдүк же ченемдик өзгөрүүлөрдүн негизинде эмес, учурдагы аткаруу жыйынтыктарына негизделип жүргүзүлгөн.

*Туруктуу мониторингди жана тобокелдиктерди талдоонун жоктугу*

Бир катар беренелер боюнча, айрыкча, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн келип түшкөн кирешелер боюнча план толук аткарылган эмес (такталган план 21 047 747,4 миң сомго бекитилсе, иш жүзүндө 20 730 256,5 миң сом келип түшкөн). Пландын толук эмес аткарылышы, таасир этүүчү факторлор тийиштүү түрдө изилденбестен, киреше потенциалын кайра баалоону көрсөтөт. Ошол эле учурда, түшүндүрмө бөлүгүндө түшүүлөрдүн азайышына алып келген себептерге талдоо жүргүзүлгөн эмес жана келечекте мындай тобокелдиктерди азайтуу боюнча чаралар каралган эмес.

*Мыйзам талаптарын аткарууда кайдыгер мамиле*

Салыктык эмес кирешелерди тескөөгө жооптуу органдар келип түшкөн каражаттарды чогултуу жана каттоо боюнча функцияларды техникалык деңгээлде гана аткарышкан, киреше базасы менен иштөөнү институционалдык талдоо жана оптималдаштыруу жетиштүү жүргүзүлгөн эмес. Бул болсо, Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 6, 9-беренелеринин (коюмдарды үзгүлтүксүз кайра карап чыгуу, кирешелерди толук каттоо, мүлк менен натыйжалуу башкаруу талаптары) талаптарына каршы келет.

*Ченемдик актылардын талаптарын колдонуу*

Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоо методикасына ылайык, ар бир киреше булагы боюнча мурунку жылдардагы динамиканы талдоо, сандык базаны эсептөө, колдонулуп жаткан тарифтерди, коюмдарды жана ченемдик документтерди эске алуу, ошондой эле бир нече варианттагы болжолдоолорду иштеп чыгуу талап кылынат (Методиканын 4-пункту - көп варианттуулук принциби, 2, 5 жана 7-бөлүмдөрү - болжолдоонун тартиби, ыкмалары жана логикасы).

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодекси (3, 5, 6-9-беренелер) укуктук жана фискалдык алдын ала аныктуулуктун принциптерин, киреше булактарын документ түрүндө тастыктоо милдеттүүлүгүн, кирешелерди толук каттоону жана коюмдар менен тарифтерди негиздүү колдонуу талаптарын бекитет.

Аныкталган кемчиликтер жогоруда көрсөтүлгөн талаптар толук аткарылбаганын көрсөтүп, бул болсо, салыктык эмес кирешелер боюнча пландуу жана такталган көрсөткүчтөрдүн ишенимдүүлүгүн, негиздүүлүгүн жана ачык-айкындыгын төмөндөтөт.

**Корутунду:**

2024-жылы республикалык бюджеттин салыктык эмес кирешелери, бекитилген жана такталган пландарга салыштырмалуу ашыкча аткарылган. Бирок, аныкталган кемчиликтер салыктык эмес кирешелерди болжолдоо жана тескөө боюнча ыкмаларды түп-тамырынан кайра карап чыгуунун зарылдыгын көрсөтөт. Бул, төмөнкүлөр аркылуу камсыздалууга тийиш:

- бюджеттик параметрлерди тактоо процессинде аналитикалык ишти күчөтүү жана өзгөртүүлөрдү документтик түрдө негиздөө;
- ар бир киреше беренеси боюнча динамиканын жана тобокелдиктердин туруктуу мониторингин киргизүү;
- Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоо методикасында жана Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинде каралган бардык аспаптарды милдеттүү түрдө колдонуу.

**Сунуштама:**

- Кыска мөөнөттүн ичинде салыктык эмес кирешелер базасын эсепке алуу жана талдоо боюнча институционалдык механизмдерди ишке киргизүү боюнча иштер уюштурулсун;
- Салыктык эмес кирешелерди пландоого жана аткарууга жооптуу адистердин кесиптик деңгээлин системалуу түрдө жогорулатуу камсыз кылынсын;
- Бюджеттик параметрлерге өзгөртүүлөрдү негиздөөгө коюлуучу талаптарды күчөтүү камсыз кылынсын.

## Мамлекеттик мүлктү башкаруудан салыктык эмес төлөмдөрдүн келип түшүүлөрүн талдоо

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги (ММБМА) 59 мамлекеттик ишкана менен иш алып барган. 2024-жыл боюнча берилген маалыматтарга ылайык, мамлекеттик ишканалар тарабынан 4 996,2 млн сом өлчөмүндө таза киреше алынган.

Мамлекеттик ишканалардын материалдык-техникалык базасын жаңылоого мамлекеттик колдоо көрсөтүү (капиталдык салымдар: техника сатып алуу, имараттар менен курулуштарды оңдоо жана башкалар) максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-февралындагы № 90 токтому менен бардык мамлекеттик

ишканалар 2022-жылдан 2025-жылга чейинки мезгил үчүн ишинин жыйынтыгы боюнча таза кирешесинин 50%ын бюджетке төлөөдөн бошотулган.

**Аныкталды жана корутунду:**

Айрым акционердик коомдор тарабынан “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин талаптары аткарылбаганы аныкталган, анда дивиденддерди төлөөгө акционердик коом жыл жыйынтыгы боюнча өзүндө калган таза кирешенин кеминде 25%ын багыттоого милдеттүү экендиги көрсөтүлгөн. 2023-жыл боюнча бухгалтердик жана жыйынтыктоочу отчёттордун маалыматтарына ылайык, мамлекеттин үлүшү бар бир катар акционердик коомдор финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча жакшы жана таза финансылык натыйжа көрсөтүшкөн, бирок мыйзам менен белгиленген пайда бөлүгүн мамлекеттик акциялар пакетине дивиденддер катары бөлүштүрүү чечими кабыл алынган эмес же аталган суммалар бюджетке которулган эмес. Дивиденддерден алынбай калган кирешелердин эсептик суммасы 66 768,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

- Мамлекеттик үлүшү бар ар бир акционердик коомдон күтүлгөн дивиденддердин суммалары сөзсүз түрдө пландалып, бюджеттик дайындоолордо көрсөтүү камсыз кылынсын;
- “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин аткарылышына, анын ичинде пайданы бөлүштүрүү жана таза кирешенин белгиленген бөлүгүн республикалык бюджетке өз убагында которуу чечимдерин кабыл алууга көзөмөлдү күчөтүү камсыз кылынсын.

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине***

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги менен биргеликте мамлекеттик жана/же муниципалдык катышуу үлүшү 50%дан ашкан акционердик коомдордун дивиденддерин болжолдоо, эсепке алуу жана төлөө методологиясын иштеп чыгуу маселеси каралсын.

**Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү**

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги (ММБМА) менен Т. Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык институту ортосундагы ижара акысынын келип түшүүлөрү боюнча эсептешүү актысына ылайык, 2024-жылдын 31-декабрына карата ижарачы Б.Р. Мыктыбеков тарабынан (2022-жылдын 21-июнундагы №362 ашкананы ижара алуу келишими, ижара аянты 290 м², ай сайын ижара акысы 58 039,15 сом) төлөм

тапшырмаларынын негизинде 860,0 миң сом суммасында ижара акысы төлөнгөн деп көрсөтүлгөн. ММБМАнын №4402011001000645 казыналык эсеби менен салыштырууда, көрсөтүлгөн 860,0 миң сом суммасындагы акча каражаттары Агенттиктин эсебине түшпөгөндүгү аныкталган.

Ошентип, ММБМА эсептешүү актысына ижара акысы төлөнгөндүгү боюнча тиркелген документтер текшерилбей туруп эсепке алынган. Түзүлгөн ижара келишиминин 11-пунктунун 4-пунктчасына ылайык, Ижарачы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эсептик эсебине ар бир айдын 5ине чейин ижара акысын төлөөгө милдеттүү. Бирок, ижарачы Б.Р. Мыктыбеков тарабынан ижара акысы өз убагында төлөнбөй, 2022-жылдан тартып жалпы суммасы 258,2 миң сомду түзгөн жана 5 жолу гана төлөм жүргүзүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө, ижарачы тарабынан 860,0 миң сом суммасында акча каражаты төлөнүп берилди.

2025-жылдын 1-июлуна карата, төлөнгөн 860,0 миң сом сумманы эске алуу менен, ижара акысы боюнча карыздын жалпы суммасы 1 318,5 миң сомду түзгөн, учурдагы карыздын суммасы 458,5 миң сом.

Ижара келишиминин 15-пунктуна ылайык, ижара акысы өз убагында төлөнбөсө, ижарачы кечиктирилген ар бир күн үчүн жалпы карыздын суммасынан күн сайын 0,09% өлчөмүндө туум төлөйт. 2025-жылдын 1-июлуна карата ижара акысы убагында төлөнбөгөндүгү үчүн туумдун суммасы 487,8 миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары, Т. Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык институту менен болгон эсептешүү актыларына ылайык, 2019-2021-жылдардан бери 5 ижарачыдан 507,8 миң сом суммасында өндүрүлбөгөн карыздар катталган.

ММБМА менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Бажы кызматынын Окуу-адистештирилген бажысы тарабынан ижара акылар боюнча жүргүзүлгөн эки тараптуу эсептешүү актысына ылайык, 2024-жылдын 1-январына карата ижарачы П.Т. Сарбанованын 530,0 миң сом өлчөмүндөгү карызы бар экени көрсөтүлгөн. Эсептешүү актысында 2024-жылдын 10-майында 530,0 миң сом өлчөмүндө төлөм жасалганы тууралуу маалымат берилген, бирок 530,0 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттары ММБМАнын №4402011001000645 казыналык эсебине түшпөгөнү аныкталган.

Жүргүзүлгөн аукциондун негизинде, Араван айылы, Ленин көчөсү №4 дарегинде жайгашкан, жалпы аянты 863,52 $м^2$ түзгөн “Белек” кинотеатры 15 жылдык мөөнөткө ижарага берилген.

Аукциондун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн протоколго ылайык, “Белек” кинотеатрынын ижара акысынын баштапкы көлөмү, “К.А.С.Т.А. собственности” мүлктү баалоо жана экспертизалоо борборунун ижара акынын базар баасын аныктоо боюнча отчетунун негизинде, 28,3 миң сом суммасында эсептелинген. Бирок, бул баалоо 1 $м^2$ үчүн баасы 47,30 сом деп көрсөтүлүп, 599,27 чарчы метрге гана эсептелингени аныкталган. Ижара аянты 863,52 $м^2$ түзгөндүгүнө байланыштуу, баштапкы ижара акысы 40,8 миң сом суммасында

болуш керек эле (863,52 м² × 47,30 сом). ММБМАнын жооптуу кызматкерлери тарабынан бул эсептөөнүн тууралыгы каралбагандыктан, баштапкы баа 12,5 миң сомго төмөн коюлган.

Аукционго эки катышуучу: А.С. Бараков жана “Киноленд” ЖЧКсы катышып, жеңүүчү катары А.С. Бараков 33,3 миң сомдук сунуш менен тандалган. Ошол эле учурда, “Киноленд” ЖЧКсынын жетекчиси А.С. Бараков экендиги аныкталган.

“Киноленд” ЖЧКсы менен 2024-жылдын 13-ноябрында №979 ижара келишими түзүлүп, ага ылайык, “Белек” кинотеатры 863,52 м² аянты менен ай сайын 33,3 миң сом өлчөмүндө ижарага берилген. Оңдоо иштери жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, ижара акысын эсептөө 2025-жылдын 4-мартынан тартып башталган.

Натыйжада, бул сумма көз карандысыз баалоонун наркынан 7,5 миң сомго төмөн болгондугуна байланыштуу (33,3-28,3), жалпысынан 174 айлык ижара мезгилине карата (оңдоо иштери эсепке алынган) 1 304,9 миң сом бюджетке түшпөй калган.

**Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” жобонун 79-пунктун бузуу менен, ижарага алуучулар тарабынан милдеттенмелердин аткарылышы толук эсепке алынбагандыгынан улам:

- ижара акысы боюнча жалпы 1 390,0 миң сом суммадагы каражат мамлекеттик бюджетке түшкөн эмес, *анын ичинен аудиттин жүрүшүндө 860,0 миң сом калыбына келтирилген,* калдык 530,0 миң сом;
- 966,3 миң сом суммадагы карыздар өндүрүлгөн эмес;
- ижара акысы өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн 487,8 миң сом өлчөмүндөгү туум эсептелинген эмес;
- аукцион учурунда ижара акысынын наркы 7,5 миң сомго төмөн коюлгандыктан, бюджетке 1 304,9 миң сом өлчөмүндөгү ижара акынын түшпөй калышына алып келген.

***Эскертүү:*** *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинде жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча тиешелүү жазма буйруктар жана сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине жөнөтүлөт.*

## Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышы

2024-жылдын жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин *(атайын каражаттарды, мамлекеттик ишканалардын тышкы гранттарын жана кредиттерин эсепке алуу менен)* жыйынды чыгымдары (учурдагы чыгымдар жана финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча чыгымдар менен) 404 149,4 млн сом такталган план алдында 383 228,7 млн сомду же 94,8%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары 39 081,3 млн сомго же 11,4%га көбөйгөн. ИДПга карата Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин жыйынды чыгымдары 25,1%ды түзгөн.

№ 3 таблица

(млн сом)

| Бөлүктөрдүн аталышы | Иш жүзүндө 2023-ж. | Салыштырма салмагы % | ИДПга карата % | План 2024-ж. | Иш жүзүндө 2024-ж. | Планга карата % | Пландан четтөө | Салыштырма салмагы % | ИДПга карата % | 2023-ж. карата четтөө |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *1* | *2* | *3* | *4* | *5* | *6* | *7* | *8=6-5* | *9* | *10* | *11=6-2* |
| **Бардыгы** | **344 147,4** | **100,0** | ***25,8*** | **404 149,4** | **383 228,7** | ***94,8*** | ***-20 920,7*** | ***100,0*** | ***25,2*** | ***39 081,3*** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | **117 006,7** | **34,0** | ***8,8*** | **127 840,2** | **121 329,1** | ***94,9*** | ***- 6 511,1*** | ***31,7*** | ***8,0*** | ***4 322,4*** |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | **58 222,7** | **16,9** | ***4,4*** | **58 480,8** | **56 451,0** | ***96,5*** | ***- 2 062,8*** | ***14,7*** | ***3,7*** | ***- 1 804,7*** |
| Экономикалык маселелер | **54 994,7** | **16,0** | ***4,1*** | **81 082,7** | **75 143,3** | ***92,7*** | ***- 5 906,4*** | ***19,6*** | ***4,9*** | ***20 181,6*** |
| Айлана чөйрөнү коргоо | **1 781,0** | **0,5** | ***0,1*** | **3 214,9** | **3 024,2** | ***94,1*** | ***- 190,7*** | ***0,8*** | ***0,2*** | ***1 243,2*** |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүү | **3 605,6** | **1,0** | ***0,3*** | **3 516,7** | **3 495,5** | ***99,4*** | ***- 21,2*** | ***0,9*** | ***0,2*** | ***- 110,1*** |
| Саламаттык сактоо | 8 873,3 | 2,6 | *0,7* | 24 387,2 | **22 760,1** | ***93,3*** | ***- 1 627,1*** | *5,9* | ***1,5*** | *13 886,8* |
| Эс алуу, маданият жана дин | 7 760,3 | 2,3 | *0,6* | 9 219,3 | **8 835,0** | ***95,8*** | ***- 384,3*** | *2,3* | ***0,6*** | *1 074,7* |
| Билим берүү | 71 580,4 | 20,8 | *5,4* | 74 513,9 | **70 489,9** | ***94,6*** | ***- 4 024,0*** | *18,4* | ***4,6*** | *- 1 090,6* |
| Социалдык коргоо | 20 322,8 | 5,9 | *1,5* | 21 893,7 | **21 700,6** | ***99,1*** | ***- 193,1*** | *5,7* | ***1,4*** | *1 377,8* |

*Ички дүң продукция (ИДП) 2023-жылы – 1 333 730,0 млн.сом.

Ички дүң продукция (ИДП) 2024-жылы – 1 523 235,8 млн.сом.

2024-жыл үчүн республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары *(атайын каражаттарды, мамлекеттик ишканалардын тышкы гранттарын жана кредиттерин эсепке албаганда)* 346 767,1 млн сом такталган план алдында 336 798,9 млн сомду түзгөн же 97,1%га аткарылган. ИДПнын көлөмүнө карата республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары 24,1 %ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу бюджеттик каражаттар боюнча жыйынды чыгымдар 9 968,2 млн сомго же 24,0%га көбөйгөн.

## Чыгымдардын топтору боюнча Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы *(атайын каражаттарды, мамлекеттик ишканалардын тышкы гранттарын жана кредиттерин эсепке албаганда)*

№ 4 таблица

(млн сом)

| Топтордун аталышы | Топ | План 2024-ж. | Иш жүзүндө 2024-ж. | Аткаруу % | Четтөө |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5=4/3*100 | 6=4-3 |
| Жалпы чыгымдар | | 346 767,1 | 336 798,9 | 97,1 | -9 968,2 |
| Операциялык чыгымдар | 2 | 298 159,4 | 291 467,9 | 97,8 | -6 691,5 |
| Эмгек акы | 211 | 102 947,4 | 101 391,6 | 98,5 | -1 555,7 |
| Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр | 212 | 12 241,1 | 11 934,2 | 97,5 | -306,9 |
| Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу | 221 | 38 265,2 | 35 684,9 | 93,3 | -2 580,3 |
| Товарларды жана кызматтарды сатып алуу | 222 | 3 868,1 | 3 607,9 | 93,3 | -260,2 |
| Коммуналдык кызматтар | 223 | 3 585,1 | 3 288,3 | 91,7 | -296,8 |
| Резидент эместерге пайыздар | 241 | 6 533,7 | 6 465,4 | 99,0 | -68,4 |
| Мамлекеттик башкаруу секторунан тышкары резиденттерге төлөнүүчү пайыздар | 242 | 11 641,4 | 11 636,8 | 100,0 | -4,6 |
| Мамлекеттик ишканаларга субсидиялар | 251 | 2 403,0 | 2 272,9 | 94,6 | -130,1 |
| Уюмдарга гранттар | 262 | 1 483,3 | 1 401,4 | 94,5 | -81,9 |
| Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар | 263 | 74 092,3 | 73 054,5 | 98,6 | -1 037,8 |
| Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпул | 271 | 150,8 | 137,3 | 91,0 | -13,5 |
| Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул | 272 | 20 095,0 | 20 007,6 | 99,6 | -87,3 |
| Дагы башка ар түрдүү чыгымдар | 282 | 4 481,0 | 4 265,2 | 95,2 | -215,8 |
| КР Турукташтыруу фондуна акча каражаттарын которуу | 283 | 16 371,9 | 16 319,9 | 99,7 | -52,0 |
| Финансылык эмес активдер | 31 | 48 607,8 | 45 331,0 | 93,3 | -3 276,8 |
| Негизги фонддор | 311 | 47 927,5 | 44 650,7 | 93,2 | -3 276,7 |
| Запастар | 312 | 390,4 | 390,3 | 100,0 | -0,0 |
| Баалуулуктар | 313 | 290,0 | 290,0 | 100,0 | -0,0 |
| Жер жана башка өндүрүлбөгөн активдер | 314 | 289,3 | 289,3 | 100,0 | 0,0 |

2024-жылдын жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин *(атайын каражаттарды, мамлекеттик ишканалардын тышкы гранттарын жана кредиттерин эсепке алуу менен)* жыйынды чыгымдары (учурдагы чыгымдар жана финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча чыгымдар) 404 149,4 млн сом такталган план алдында 383 228,7 млн сомду же 94,8%ды түзгөн. Өткөн жылга салыштырмалуу республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары 39 081,3 млн сомго же 11,4%га көбөйгөн. ИДПга карата Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин жыйынды чыгымдары 25,1%ды түзгөн.

Экономикалык классификациялоо боюнча республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары, бардык чыгымдар беренелери боюнча, 9 968,2 млн сомго өздөштүрүлгөн эмес. Мында, "Эмгек акы" беренеси боюнча 101 391,6 млн сомго же 97,1%га, "Социалдык фондго төгүмдөр" беренеси боюнча 11 934,2 млн сомго же 97,5%га, "Мамлекеттик башкаруу секторунан тышкары, резиденттерге пайыздар" беренеси боюнча 11 636,8 млн сомго же 100,0%, "Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар" беренеси боюнча 20 007,6 млн сом же 99,6%, "Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине гранттар" беренеси боюнча 73 054,5 млн сомго же 98,6%га аткарылган.

## Штаттык сандын абалы

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому сакталбастан, ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө жол берилген, анын ичинде:

- *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинде* - 5 бирдик, бир жылдык эмгек акы фонду жана социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 547,3 миң сомду;

- *Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде* - 3 бирдик, 1 733,1 миң сомду;

- *Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинде* - 4 бирдик 404,3 миң сомду;

- *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинде - 1 бирдик (директордун орун басары) 1 337,1 миң сомду* түзгөн.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин* штаттык бирдиктери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык келтирилсин.

*Аудит субъектисинин комментарийлери*:

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан штаттык санды, штаттык сандын чегин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга ылайык келтирүү жөнүндө тиешелүү мамлекеттик органдарга бир нече жолу каттар жөнөтүлгөндүгү маалымдалган.*

**Аныкталды жана корутунду:**

Республика боюнча үйүнө барып социалдык тейлөөгө муктаж болгон адамдардын саны 8 002 адамды түзөт (Бишкек шаарын эсепке албаганда), аларды тейлөө үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы №365 токтому менен бекитилген, “Үйүнө барып социалдык жактан тейлөө жөнүндө” типтүү жобонун 10,11-пункттарына ылайык, 688 социалдык кызматкер талап кылынат, иш жүзүндө Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин аймактык бөлүмдөрү боюнча 863 социалдык кызматкер, же 175 социалдык кызматкердин штаттык бирдиги

ашыкча эсептелинип, республикалык бюджеттен эмгек акыны, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүн эсепке алуу менен, 44 658,3 миң сом чыгымдалган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына шайкештик аудит жүргүзүлүп жаткан учурда көрсөтүлгөн маселе белгиленип, сунуштама берилгенине карабастан, ашыкча болгон 175 социалдык кызматкер бүгүнкү күнгө чейин республикалык бюджеттин эсебинен каржыланып келет.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы № 365 токтому менен бекитилген, "Үйүнө барып социалдык жактан тейлөө жөнүндө" типтүү жобого ылайык, 175 социалдык кызматкер бирдигин ашыкча кармоонун максатка ылайыктуулугуна талдоо жүргүзүлсүн, зарыл болгон учурда үйдө кызмат көрсөтүүчү аймактык бөлүмдөрдүн социалдык кызматкерлеринин штаттык бирдиктеринин ченемдерин кайра карап чыгуу жагы каралсын.

## Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар

Республикалык бюджеттин "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар" бөлүгү боюнча 2024-жылга такталган планы 115 949,8 млн сомду, аткарылышы 109 284,4 млн сомду, же 94,3%ды түзгөн.

Атайын эсептин каражаттарын эске алуу менен, такталган планы 127 840,2 млн сомду, аткарылышы 121 329,1 млн сомду, же 94,9%ды түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманын талаптарына ылайык келбестен, *№ 3 тиркемеде* берилген министрликтерде жана башка мамлекеттик органдарда 2024-жылдын жыйынтыгы менен **49 794,8 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын (чарба жана кеңсе буюмдары, запастык бөлүктөр) ашыкча запастарын жана **20 442,0 миң сомго** дебитордук карыздарын эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес.

Аудит учурунда, *Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги* боюнча - 991,8 миң сомго, *Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Кыргыз Экспорт" экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борбору" мамлекеттик мекемеси* - 111,9 миң сомго жана *Сот департаментине караштуу "Адилет сот" мекемеси* боюнча - 42,7 миң сомго, жалпы 1 146,4 миң сомго ашыкча товардык-материалдык баалуулуктардын калдыгы эсепке алынган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамага ылайык, 2025-жылы *№ 3 тиркемеде* берилген министрликтерди жана башка мамлекеттик органдарды каржылоодо, 2024-жылдын аягына карата 48 648,4 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастары жана 20 442,0 миң сомго дебитордук карыздар эсепке алынсын.

**Социалдык чыгымдар боюнча**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пул” беренеси боюнча пенсияларга жана жөлөк пулдарга бөлүнгөн каражаттар, пенсияларды жана жөлөк пулдарды жеткирүү боюнча “Кыргыз почтасы” МИнин жана коммерциялык банктардын чыгымдарын төлөөгө багытталган, б.а. **273 928,8 миң сом** суммасындагы каражаттар максатсыз пайдаланылган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына ылайык, пенсияларды жана жөлөк пулдарды жеткирүү боюнча “Кыргыз почтасы” МИнин жана коммерциялык банктардын чыгымдарын төлөө, 2227 “Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө чыгымдар” беренеси боюнча жүргүзүлөт.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясына” ылайык, пенсияларды жана жөлөк пулдарды жеткирүү боюнча “Кыргыз почтасы” мамлекеттик ишканасынын жана коммерциялык банктардын чыгымдарын төлөө, 2227 “Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө боюнча чыгымдар” беренеси аркылуу жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен “И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин технопаркы” мекемесинин ортосунда 678 383,5 миң сомго 27 031 даана ноутбук сатып алуу келишими (*2024-жылдын 31-октябрындагы № 25/01-1*) түзүлүп, келишим боюнча **542 706,8 миң сом** (же 80%га) каржыланган.

Аудит учурунда көрсөтүлгөн келишимдин төмөнкү шарттарынын бузулгандыгы аныкталган:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2025-жылдын 22-январында 5 521,2 миң сомдук 220 ноутбук (0,8%ы) кабыл алынып, комиссия тарабынан ноутбуктун аккумуляторлору

Келишимде көрсөтүлгөн техникалык талаптарга жооп бербейт деп табылган. Натыйжада, Келишимдин 12-пунктуна жана КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 28-январындагы №3 протоколуна ылайык, жеткирүүчүгө кепилдик милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн айыптык төлөм 2025-жылдын 28-январынан тартып 22-апрелине чейин (85 кал./күнгө) **469,3 миң сомду** түзгөн, бул сумма товар үчүн акыркы төлөмдү жүргүзүүдө эсепке алынууга тийиш;

- Келишимдин шарттарына ылайык, келишимдин аткаруу мөөнөтү, кол коюлгандан тартып 90 календардык күн, же товарды жеткирүү мөөнөтү 2025-жылдын 1-февралына чейин белгиленген. Бирок, ушул убакытка чейин 672 862,3 миң сом суммасындагы калган 26 811 ноутбук жеткирүүчү тарабынан буюртмачыга жеткирилген эмес. Натыйжада, Келишимдин 15-пунктуна ылайык, жеткирүүчү тарабынан 2025-жылдын 22-апрелине карата буюртмачыга товарды өз убагында жеткирбегендиги үчүн айыптык төлөм **20 185,9 миң сомго** эсептелинген, бул сумма товар үчүн акыркы төлөмдү жүргүзүүдө эсепке алынууга тийиш.

Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан республиканын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдери үчүн ноутбуктарды сатып алуу жол-жоболору “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 48-пунктунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-январындагы № 8-т тескемесинин талаптары сакталбастан жүргүзүлгөн (борборлоштурулган сатып алуулар).

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине:***

- 2024-жылдын 31-октябрындагы № 25/01-1 27 031 даана ноутбукту сатып алуу боюнча келишимдин шарттарына ылайык, жеткирүүчү “И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин технопаркы” мекемеси тарабынан өз милдеттенмелеринин аткарылбагандыгы үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн;
- Келишимдин шарттарына ылайык, товар өз убагында жеткирилбегендиги үчүн 20 185,9 миң сом өлчөмүндөгү эсептелинген айыптык төлөмдү өндүрүү максатында, жеткирүүчүгө акыркы төлөмдү жүргүзүүдө эсепке алынсын.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине***:

Мындан ары, товарларды борборлоштурулган сатып алуулар боюнча каржылоо, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-январындагы № 8-т тескемесинин талаптарын сактоо менен жүргүзүлсүн жана бюджеттик каражаттардын пайдаланылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан орто кесиптик билим берүү уюмдардын бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы контролсуз жүзөгө ашырылат, тактап айтканда, чыгымдар

сметасын түзүүдө жана каржылоодо бюджеттик жана контракттык негизде окуган студенттердин контингенти эске алынган эмес. Натыйжада, 2024-жылы 10 медициналык колледжде контракттык негизде окуган студенттерге чыгымдар бюджеттик каражаттардын эсебинен **43 599,8 миң сомго** жүргүзүлгөн. *Мисалы*: Нарын медициналык колледжинде бир студентке бюджеттик каражаттын чыгымы 99,9 миң сомду түзсө, атайын эсептин каражаты 33,3 миң сомду түзгөн. Каракол медициналык колледжинде бир студентке бюджеттик каражаттын чыгымы 53,9 миң сомду түзсө, атайын эсептин каражаты 26,9 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу эки маданият жана искусство билим берүү мекемелеринин студенттерин контракттык негизде окутууга кеткен чыгымдар бюджеттик каражаттардын эсебинен **25 686,1 миң сомго** жүргүзүлгөн, анын ичинде, Н. Давлесов атындагы Республикалык маданият жана искусство колледжи боюнча 16 229,2 миң сом жана Жалал-Абад маданият техникуму боюнча 9 457,0 миң сом.

Ошондой эле, жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынын чыгымдар сметасы окуучулардын контингенти эсепке алынбастан түзүлгөндүгүнө байланыштуу, контракттык негизде окуган окуучулардын чыгымдары бюджеттик каражаттардын эсебинен **241 016,2 миң сомго** каржыланган, анын ичинен:

- Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинде – 1 212,3 миң сом;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 22 орто кесиптик билим берүү уюмдарында – 145 937,4 миң сом;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 9 жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында – 77 116,4 миң сом;
- И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунда – 16 750,1 миң сом.

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты, Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрликтерине жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

Контракттык негизде окуган студенттерди окутууга багытталган чыгымдарды бюджеттик каражаттардын эсебинен каржылоого жол бербөө максатында, жогорку жана орто кесиптик билим берүү жайларын каржылоо ченемдери иштелип чыксын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык

баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамага ылайык, социалдык чөйрө тармагынын министрликтери жана алардын ведомстволук мекемелери боюнча **113 012,9 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана **131 989,7 миң сомго** дебитордук карыздар эсепке алынган эмес. *(№ 3 тиркеме).*

*Аудит учурунда **21 020,5 миң сом** суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана **28 505,7 миң сом** суммасындагы дебитордук карыздар эсепке алынган.*

**Сунуштама:**

Отчеттун *№ 3 тиркемесиндеги* социалдык чөйрө тармагындагы министрликтердин, ведомстволордун жана алардын ведомстволук мекемелеринин бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышына талдоо жүргүзүлүп, **91 992,4 миң сом** суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана **103 484,0 миң сом** суммасындагы дебитордук карыздар эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 601 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды борборлоштуруп жеткирүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомдордун ортосундагы карама-каршылыктар (коллизия) аныкталган.

Атап айтканда, "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды борборлоштуруп жеткирүү тартибине ылайык, ага жүргүзүлгөн авансык төлөмдөр келишим суммасынын 100 пайызын түзүшү мүмкүн экендигине карабастан, 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 601 токтомунда ал суммалар каражаттардын калдыктары (дебитордук карыз) катары эсепке алынбашы белгиленген эмес.

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**:*

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алууга байланыштуу, каражаттардын калдыктарынын (дебитордук карыз) эсепке алынышы боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн

тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтому менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 601 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы тарабынан дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды борборлоштуруп жеткирүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтомун шайкеш келтирүү боюнча иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине которулган эмес. Берилген (бухгалтердик баланс) маалыматтарга ылайык, И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында 2024-жылдын 31-декабрына карата коммерциялык банктын эсебинде пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыгы **3 447,3 миң сомду** түзгөн.

*Аудит учурунда 2025-жылдын 16-июнундагы № 278 төлөм тапшырмасы менен 3 447,3 миң сом республикалык бюджетке которулган.*

**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине бөлүнгөн каражаттар боюнча**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-июлундагы № 356-т тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине жабдууларды сатып алуу үчүн 270,0 млн сом суммасында каражат бөлүнгөн. Андан тышкары:

- 2024-жылдын 26-августундагы № 506-т тескемеге ылайык, Министрликке жабдууларды жана аларды ташуу үчүн, жүк ташуучу авто унааларды сатып алуу үчүн кошумча 176,3 млн сом;
- республикалык бюджеттин эсебинен транспорт каражаттарын сатып алуу үчүн 204,9 млн сом бөлүнгөн.

Бардыгы 651,2 млн сом акча каражаты бөлүнгөн.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесин бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги өзгөчө ыйгарым укуктары жок “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасы менен, **651,2 млн сомго** жабдууларды жана авто унааларды сатып алуу боюнча келишимдерди түзгөн. Аны менен катар:

- келишимдер менен алардын тиркемелеринин ортосунда олуттуу каржылык айырмачылыктар бар, бул ашыкча төлөмдөрдү жана бюджеттик каражаттардын максатсыз пайдаланылышына алып келген;

- жабдуулар үчүн чет өлкөлүк жеткирүүчүлөргө төлөнгөн суммалар менен Министрлик менен ишкананын ортосундагы эсептер ортосунда айырмачылыктар бар.
- башкаруу органдары тарабынан тиешелүү көзөмөлдүн жоктугу жана жооптуу кызматкерлердин шалаакылыгы тутумдуу кемчиликтерге жана мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу эмес пайдаланылышына алып келген.
- “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасы техниканы сатып алуучунун ордуна ортомчу катары иш алып баргандыгына карабастан, КНС жеңилдиги мыйзамсыз колдонулган.

Жыйынтыгында, **82,6 млн сомго** бюджеттик каражаттар негизсиз, ашыкча жана максатсыз сарпталган, анын ичинен: реалдуу төлөмдөр менен жеткирүү актыларындагы айырма 50,4 млн сомду, реалдуу нарк менен жеткирүү актыларындагы айырма 32,2 млн сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине:***

- Жабдууларды жана авто унааларды сатып алууда ашыкча төлөнгөн 82,6 млн сом республикалык бюджетке тез арада кайтарылсын;
- Каржылык бузууларга, “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасы менен түзүлгөн келишимдеги айырмачылыктарга жол берген жана көзөмөл жүргүзбөгөн тиешелүү кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын;
- “Кыргыз маданият сервис” мамлекеттик ишканасы аркылуу мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына негиздүүлүгү каралсын.

## Экономикалык тармактардын чыгымдары боюнча

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын чыгымдар бөлүгүнүн “Санариптик экономика” багыты боюнча толук аткарылбай, сатып алуулардагы үнөмдөөлөрдү эске алуу менен, түзүлгөн келишимдерге салыштырмалуу 169,6 млн сому же 38,9%ы өздөштүрүлбөй калган. Мисалы, 13 мамлекеттик орган тарабынан сатып алуулар жол-жоболоруна байланыштуу, жыл аягындагы каржылоо жана башка себептер менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелеринде аныкталган багыттардын/иш-чаралардын кээ бирлери боюнча каражаттардын өздөштүрүлбөй калуусу 38,7%дан - 100,0%га чейин жеткен.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-бөлүгүнүн талабына ылайык, чыгашалардын керектөөлөрүн аныктоо, чыгашалар бюджетинин милдеттенмелерине негизделген эсептөөлөрдүн негизинде түзүлүшү жана өз убагында каржыланышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамага ылайык, **145 644,9 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана **682 525,9 миң сомго** дебитордук карыздар эсепке алынган эмес. *(№3 тиркеме).*

*Аудит учурунда 1 706,7 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана 4 224,8 миң сомго каражаттардын калдыктары эсепке алынган.*

**Сунуштама:**

Отчеттун *№3 тиркемесиндеги* экономика тармагындагы министрликтердин, ведомстволордун жана алардын ведомстволук мекемелеринин бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышына талдоо жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамага ылайык, 143 938,2 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана 678 301,1 миң сомго каражаттардын калдыктары эсепке алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги № 168-т тескемеси менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 22-январындагы № 5 "Кыргыз Республикасынын экономикасын динамикалуу өнүктүрүү үчүн полиметаллдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин казып алуу боюнча улуттук долбоорду ишке ашыруу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Финансы министрлигине Кыргыз Республикасынын экономикасын динамикалуу өнүктүрүү үчүн полиметаллдарды жана сейрек кездешүүчү жер элементтерин казып алуу боюнча улуттук долбоорду ишке ашыруу үчүн илимий-изилдөө, геологиялык-издөө, геологиялык чалгындоо жана тоо-кен иштерин жүргүзүүгө каралган бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынан 1000,0 млн сом өлчөмүндө акча каражатын белгиленген тартипте бөлүп берүү тапшырылган.

Финансы министрлиги тарабынан 1 000,0 млн сом финансылык каражаттар каралып, 22154900 "Башка кызматтарды төлөөлөр менен байланышкан башка чыгымдар" беренесинен Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги аркылуу "Кыргызгеология" МИ 717 274,1 миң сомго каржыланган.

Берилген маалыматка ылайык, аталган сумманын ичинен 601 126,9 миң сомго тоо-геологиялык техникасы, жабдуулар жана материалдар сатып алынган, 1 352,3 миң сомго ишкана тарабынан Министрликке көрсөтүлгөн кызматтар үчүн эсептешүүлөр жүргүзүлүп, 2024-жылдын 31-декабрына карата каражаттардын калдыгы 114 794,9 миң сомду түзгөн.

Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык, эгерде компаниянын ээлери же башка кызыкдар тараптар кошумча каражаттарды же активдерди инвестицияласа, таза өздүк капитал көбөйүшү мүмкүн. Бирок "Кыргызгеология" МИ тарабынан 601 126,9 миң сомго өздүк капиталы көбөйтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине:***

"Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасынын өздүк капиталын республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын эсебинен сатып алынган техниканын, жабдуулардын жана материалдардын наркына көбөйтүү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-октябрындагы №689-т тескемесине ылайык, Финансы министрлиги тарабынан 2024-жылдын 2-декабрында "Кыргыз темир жолу" УК" МИге (КТЖ) "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жол компаниясы" ЖЧКсынын уставдык капиталына кыргыз тараптын салымы катары киргизүү үчүн 1 215 200,0 миң сом (14 000,0 миң АКШ доллары) которулган. Өз кезегинде КТЖ "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жол компаниясынын уставдык капиталына 13 372,7 миң АКШ долларын (1 163 416,9 миң сом) которуп берген. Бирок, КТЖ бул 1 163 416,9 миң сомдук үлүшүн өзүнүн активдерине жана өздүк капиталына кошкон эмес, ал эми мамлекеттик бюджеттин финансылык отчетунда мамлекеттин активдери ушул суммага азайтылып көрсөтүлгөн. Ушул сыяктуу эле, 2025-жылдын 29-апрелинде Финансы министрлиги тарабынан "Кыргыз темир жолу" УК" МИге ушул эле максатта 7 520 700,0 миң сом которулган, ишкана бул суммага да үлүшүн өзүнүн активдерине жана өздүк капиталына кошкон эмес.

*Аудит учурунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-июнундагы №549-т тескемесине ылайык, КТЖынын бухгалтердик эсебинде тиешелүү бухгалтердик жазуулар менен активдери жана өздүк капиталы көбөйтүлгөн.*

КТЖынын атынан "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жол компаниясы" ЖЧКсынын уставдык капиталына кошкон салымы катары каржыланган сумманын ичинен КТЖынын эсебинде 51 783,2 миң сом валюталык курстан калдык калган. Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 10-бөлүгүнө ылайык, республикалык бюджетке өз убагында кайтарылган эмес. *Аудит учурунда, 2025-жылдын 8-июнунда №1679 төлөм тапшырмасы менен республикалык бюджетке которулган.*

**Сунуштама:**

"Кыргыз темир жолу" УК" МИнин активдерин же өздүк капиталын кыргыз тараптын салымы катары "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жол компаниясы" ЖЧКсынын уставдык капиталына киргизүү үчүн берилген каражаттарга көбөйтүү маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

"Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесин бузуу менен:

- "Кыргызагрохолдинг" ААКсынын жалгыз акционери Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин кошумча акцияларды чыгаруу тууралуу тиешелүү чечими кабыл алынганга чейин эле, мөөнөтүнөн мурда 200,0 млн сом "Кыргызагрохолдинг" ААКсына төлөнгөн. Акционердин чечими 2024-жылдын 5-декабрында гана чыккан.
- "Мамлекеттик ипотекалык компания" ААКсынын кошумча акцияларын чыгаруу тууралуу тиешелүү чечимдери чыкканга чейин, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мөөнөтүнөн мурда 17 658,4 млн сом компанияга төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Акционердик коомдордун капиталындагы мамлекеттин үлүшүн көбөйтүүдө, "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесин так сактоо менен, акционердик коомдордун кошумча акцияларын чыгаруу тууралуу тиешелүү чечимдери чыккандан кийин гана төлөм жүргүзүү боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

## Бюджеттер аралык мамилелер боюнча

***Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгү***

2024-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттердин калдыгы 4 705 567,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен бюджеттик каражаттар - 4 366 456,6 миң сом, атайын каражаттар - 339 110,8 миң сом. Ал эми 2025-жылдын 1-январына карата 7 710 810,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен бюджеттик каражаттар -7 334 447,5 миң сом, атайын каражаттар - 376 354,3 миң сом.

2024-жылдын 12 айына жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн бекитилген планы 48 414 100,0 миң сомду түзгөн, республикалык бюджеттен трансферттерди, активдерди жана милдеттенмелерди эске алуу менен такталган планы 68 570 000,0 миң сомду түзгөн. Бекитилген планга салыштырмалуу 2 015 6 300,0 миң сомго көбөйгөн. Кирешелердин көбөйүшү республикалык бюджеттен жана жергиликтүү бюджеттин ресурстарынан бөлүнгөн трансферттердин көбөйүшүнө байланыштуу болгон.

Республикалык бюджеттен бюджеттер аралык трансферттердин такталган планы 22 001 100,0 миң сомду, б.а. жергиликтүү бюджеттин такталган планынын жалпы көлөмүнүн (68 570 400,0 миң сом) 32%ын түзгөн, анын ичинде:

- теңдөөчү трансферттер – 2 598 100,0 миң сом;

- максаттуу трансферттер – 19 403 000,0 миң сом.

2024-жылы анык берилген трансферттердин көлөмү (республикалык бюджеттен трансферттерди, активдерди жана милдеттенмелерди (жерлерди сатуудан) эске алуу менен) 69 112 600,0 миң сомду (100,8%) түзгөн, же 542 200,0 миң сомго ашык аткарылган.

***Жергиликтүү бюджеттердин чыгымдар бөлүгү***

2024-жылы жергиликтүү бюджеттин кассалык аткарылышы 66 107 500,0 миң сомду, же 72 900 000,0 миң сомго такталган пландан 6 792 500,0 млн. сомго аз аткарылган (90,7 %).

2024-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттердин калдыгы 4 705 567,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча - 4 366 456,6 миң сом, атайын каражаттар – 339 110,8 миң сом.

2024-жылдын аягындагы отчетторого ылайык, 144 882,0 миң сомго дебитордук карыз жана 155 368,1 миң сомго кредиттик карыз бар.

**Теңдөөчү трансферттер**

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында теңдөөчү трансферттер 2 598 130,7 миң сом өлчөмүндө каралып, толугу менен каржыланган, же 100%га аткарылган. Кассалык чыгымдар 2 591 856,5 миң сомду, каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары 6 274,2 миң сомду түзгөн.

2024-жылы республика боюнча жалпы 268 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБО) болсо, анын ичинен 199 ЖӨБО дотациялык жана 69 ЖӨБО дотациялык эмес. Жалпы теңдөөчү гранттын көлөмү 2 598 130,7 миң сомду түзгөн. Ал эми, 2025-жылга республика боюнча жалпы 264 ЖӨБО болсо, анын ичинен 158 ЖӨБО дотациялык жана 106 ЖӨБО дотациялык эмес.

Жалпы теңдөөчү гранттын көлөмү 2 210 705,1 миң сомго бекитилген. 2025-жылы 2024-жылга салыштырмалуу 387 425,6 миң сомго, же 14,9%га аз бекитилген.

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарынын негизинде, салыктык эмес кирешелер боюнча (Мамлекеттик фонддун, жайыт жана айыл чарба эмес багыттагы жерлердин ижара акысы) 2024-жылы ЖӨБО тарабынан Мамлекеттик фонддун, жайыт жана айыл чарба эмес багыттагы жерлердин ижара акысынын суммасы 71 911,1 миң сомго азайтылып, бекитилген. Теңдөөчү гранттын эсептөө формуласына ылайык, жергиликтүү бюджеттин пландык көрсөткүчтөрүнө негизделген суммалык чыгымдардын милдеттенмелери менен суммалык кирешелердин баалоосунун негизинде каржыланат. Тактап айтканда, бюджетте көрсөтүлгөн сумма менен түзүлгөн келишимдердин ортосунда 71 911,1 миң сом айырмачылык келип чыккан. Алар: Тоң району боюнча - 1 374,4 миң сом, Ак-Талаа - 2 128,8 миң сом, Нарын

- 5475,0 миң сом, Кадамжай - 1 610,7 миң сом, Лейлек - 18,0 миң сом, Тогуз-Торо - 390,3 миң сом, Сузак - 3 513,6 миң сом, Аксы - 779,4 миң сом, Ала-Бука - 2 640,4 миң сом, Чаткал - 1 167,4 миң сом, Токтогул - 11 893,4 миң сом, Ноокен - 516,5 миң сом, Өзгөн - 15 483,8 миң сом, Кара-Суу – 6 713,5 миң сом, Алай - 711,0 миң сом, Ноокат - 6 714,6 миң сом, Араван – 3 290,7 миң сом, Кара-Кулжа – 2 728,9 миң сом, Манас - 1 462,2 миң сом, Талас – 1 197,5 миң сом жана Жайыл – 2 134,0 миң сом.

Төмөндө көрсөтүлгөн теңдөөчү грант алуучу 13 ЖӨБО жыл аягына жергиликтүү бюджеттердин (атайын эсептеги каражаттарды кошпогондо) калдыгы 225 528,1 миң сомду, ал эми теңдөөчү гранттардан алган суммасы 113 497,4 миң сомду түзгөн, алар: Кең-Талаа айыл өкмөтү боюнча – 11 431,3 миң сом, Кызыл-Туум - 5 043,5 миң сом, Багыш - 3 402,3 миң сом, Ала-Бука - 14 945,3 миң сом, Каныш-Кыя - 9 063,7 миң сом, Токтогул шаары - 1 891,8 миң сом, Гүлчө - 16 062,6 миң сом, Ала-Тоо - 5 434,1 миң сом, Жоош – 7 537,9 миң сом, Папан – 21 683,5 миң сом, Кулатов - 6 772,6 миң сом, Көк-Жар – 5 527,0 миң сом жана Күн-Чыгыш - 4 701,8 миң сом. Бул жыл аягында жергиликтүү бюджеттин эсебинде теңдөөчү грант катары алган акча каражатынын көлөмүнөн эки эсеге көп калдык калгандыгын көрсөтөт.

Демек, жогоруда аталган 13 ЖӨБО теңдөөчү грант каражаттарынан каржылоонун кереги жоктугун күбөлөндүрөт.

**Корутунду:**

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарынын негизинде, ЖӨБО тарабынан салыктык эмес кирешелерин түзүлгөн келишимдердин негизинде түзбөгөндүктөн, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 71 911,1 миң сомго аз бекитилген.

Теңдөөчү гранттардын максаты - өз алдынча жетиштүү кирешеси жок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каржылык туруктуулугун камсыздоо болуп саналат. Бирок, 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча, 13 ЖӨБОнун жергиликтүү бюджеттеринде (атайын эсептерди эсепке албаганда) 225 528,1 миң сом өлчөмүндө каражат калдык калган. Бул сумма алардын жыл ичинде теңдөөчү грант катары алган 113 497,4 миң сомдон эки эсе көп. Аталган ЖӨБОдор тарабынан гранттык каражаттардын зарылчылыкка жараша пайдаланылбай жаткандыгын көрсөтөт.

**Сунуштама:**

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерин бекитүүдө, салыктык эмес кирешелерин түзүлгөн келишимдердин негизинде бекитилиши талап кылынсын жана көзөмөлгө алынсын;

- Теңдөөчү трансферттердин көлөмдөрүн аныктоо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №315 токтому менен бекитилген, “Теңдөөчү трансферттердин көлөмдөрүн аныктоо тартибин бекитүү тууралуу” тартибинин 10-пунктуна ылайык, теңдөөчү гранттардын өлчөмүн эсептөө формуласына жергиликтүү

бюджеттердин калдык акча каражатын эске алуу менен, эсептөө жагына өзгөртүүлөрдү киргизүү каралсын.

- Кирешелерди пландоо жана болжолдоо процессин автоматташтыруу маселеси каралсын.

- Тиешелүү райондук мамлекеттик администрациялар менен биргеликте, Токтогул шаары, Кең-Талаа, Кызыл-Туум, Багыш, Ала-Бука, Каныш-Кыя, Гүлчө, Ала-Тоо, Жоош, Папан, Кулатов, Көк-Жар жана Күн-Чыгыш айыл өкмөттөрү боюнча республикалык бюджеттен теңдөөчү грант катары каржылоо, кошумча талдоонун негизинде кайра каралып чыксын жана кыскартуу маселеси каралсын.

## Максаттуу трансферттер

"Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жергиликтүү бюджеттерге 6 944 090,3 миң сом суммасында максаттуу трансферттер каралган. Алар төмөндөгү чыгымдарды камтыйт:

- Бийик тоолуу жана алыскы, жетүүгө кыйын аймактардын оор, жагымсыз табигый-климаттык шарттарында жашаган абоненттер үчүн котоpуулар, тиричилик муктаждыктары жана электр энергиясын пайдалангандыгы үчүн акы төлөөдө 50% өлчөмүндө компенсацияларга – 205 000,0 миң сом;
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү боюнча - 613 400,0 миң сом;
- "Мыкты айыл өкмөтү" республикалык кароо-сынагына - 12 000,0 миң сом;
- Калктуу конуштардын генералдык планын жасатууга - 300 000,0 миң сом;
- Бишкек шаарынын транспорт көйгөйүн чечүүгө - 4 339 200,0 миң сом;
- Шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө-1 474 500,0 миң сом.

"Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, максаттуу трансферттер 19 896 741,6 миң сом өлчөмүндө такталган, же 12 952 651,3 миң сомго көбөйгөн. Жалпы 19 403 000,0 миң сом суммасында каржыланып, кассалык чыгымдар 18 961 222,5 сомду түзгөн. Максаттуу трансферттин акча каражаттарынын пайдаланылбаган калдыктары 441 765,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- үнөмдөө - 148 471,8 миң сом;
- пайдаланылбаган/өздөштүрүлбөгөн - 293 293,5 миң сом.

Мындан сырткары, "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жергиликтүү

бюджеттерге 6 944 090,3 миң сом суммасында максаттуу трансферттер каралып, 493 753,6 миң сом каржыланбай республикалык бюджетте калдык болуп калган.

Жогоруда аталган 493 753,6 миң сом калдык акча каражаты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттерди берүү" тартибинин 12-пунктуна ылайык, жергиликтүү бюджеттердин балансын камсыз кылуу максатында келерки жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамда болжолдонгон бюджеттер аралык трансферттердин жалпы көлөмүнөн 10 (он) пайыз өлчөмүндө резерв аныкталып, каржыланган эмес.

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан 44 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен 284 563,4 миң сомго башкы пландарды түзүү жана топографиялык чиймелерди жүргүзүү боюнча келишимдер түзүлгөн. Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунун маалыматына ылайык, учурда бул иштер аяктоо алдында турат.

Аталган 44 ЖӨБО оргадарынын ичинен 31 ЖӨБОнун жылдык баланстык отчетторунда Агенттиктин жалпы суммасы **161,4 млн сомдук** дебитордук карыздары көрсөтүлгөн эмес.

*Аудит учурунда керектүү бухгалтердик жазуулар жүргүзүлүп, тиешелүү ЖӨБОлордун балансына дебитордук карыздарды көбөйтүү максатында бухгалтердик маалыматтар түзүлүп, эсеп боюнча калыбына келтирилген.*

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылга карата шаарларды өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планынын негизинде, "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, республикалык бюджеттен шаарлардын жергиликтүү бюджеттерине максаттуу трансферт түрүндө жалпы 5 037 330,0 миң сом бөлүнүп, анын ичинен 236 395,4 миң сом калдык калган. Бул суммада үнөмдөлгөн каражаттар 19 968,5 миң сомду түзүп, ал эми 216 426,9 миң сом өздөштүрүлбөй калган. Алар:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-июнундагы № 357-т тескемесинин негизинде, Балыкчы шаарын өнүктүрүүгө республикалык бюджеттен 300 000,0 миң сом каржыланып, 34 150,9 миң сом калдык болуп калган, анын ичинен: үнөмдөө - 8 434,9 миң сом, өздөштүрүлбөгөнү - 25 716,0 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-апрелиндеги № 195-т жана 17-октябрындагы № 645-т тескемелеринин негизинде, Таш-Көмүр шаарын өнүктүрүүгө республикалык бюджеттен

176 000,0 миң сом каржыланып, 12 784,0 миң сом калдык калган, анын ичинен: үнөмдөө - 5 400,0 миң сом, өздөштүрүлбөгөнү -7 384,0 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-апрелиндеги № 195-т тескемесинин негизинде, Токтогул шаарын өнүктүрүүгө республикалык бюджеттен 50 000,0 миң сом каржыланып, 19 391,5 миң сом калдык калган, анын ичинен: өздөштүрүлбөгөнү -19 391,5 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-апрелиндеги № 139-т тескемесинин негизинде, Токмок шаарын өнүктүрүүгө республикалык бюджеттен 1 000 000,0 миң сом каржыланып, 169 800,5 миң сом калдык калган, анын ичинен: үнөмдөө - 5 865,1 миң сом, өздөштүрүлбөгөнү -163 935,4 миң сом.

**Сунуштама:**

- Шаарларды өнүктүрүү боюнча бөлүнгөн трансферттердин өз убагында жана толук пайдаланылышын камсыз кылуу үчүн финансылык пландаштыруу жана мониторинг системаларын күчөтүү боюнча иш чаралар көрүлсүн;

- Мындан ары, каражаттардын пайдаланылышы көзөмөлгө алынып, өздөштүрүлбөгөн каражаттардын себептери такталып, аларды пайдаланууга багыттоо иш чаралары көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-октябрындагы №680-т “Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки жаңы билим берүү уюмдарынын эмгек акы фонддун төлөө жана балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну көбөйтүүгө байланышкан башка чараларды каржылоо” тескемесине ылайык, республикалык бюджеттен 102 042,4 миң сом каржыланып, 62 302,0 миң сому өздөштүрүлбөгөндүктөн, ал республикалык бюджетке кайтарылган. Алар төмөнкү облустар боюнча: Ысык-Көл – 12 158,4 миң сом, Жалал-Абад – 32 973,5 миң сом, Нарын - 3 893,2 миң сом, Ош - 8 888,0 миң сом, Талас - 2 425,3 миң сом жана Чүй -1 963,6 миң сом.

Жогоруда аталган акча каражаттарынын калдыгы бала бакчалардын ачыла электигинен же болбосо, кеч ачылып ишке киришинен улам калган.

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине:***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-октябрындагы №680-т “Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки жаңы билим берүү уюмдарынын эмгек акы фонддун төлөө жана балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну көбөйтүүгө байланышкан башка чараларды каржылоо” тескемесине ылайык, бөлүнгөн каражаттардын өздөштүрүлбөй калган себеби, кеч же ачыла элек балдар

бакчалары болгондуктан, керектөөгө ылайык Финансы министрлигине реалдуу өтүнмөлөр берилсин.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки жаңы билим берүү уюмдарынын эмгек акы фонддун төлөө жана балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну көбөйтүүгө байланышкан башка чараларды каржылоого Агартуу министрлиги тарабынан берилген өтүнмөлөрдүн негиздүүлүгү аныкталып, каржылансын.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Бишкек шаарынын мэриясына 1000 автобус сатып алууга 7 701 076,7 миң сом бөлүнгөн. Мэрия транспортту сатып алуу милдетин “Бишкек шаар транспорт” муниципалдык ишканасына жүктөгөн.

“Бишкек шаар транспорт” муниципалдык ишканасы бир булактан сатып алуу ыкмасы аркылуу 1000 автобус сатып алуу боюнча “ZHOHNTOHG BUS HOLDING CO., LTD” Кытай компаниясы менен 86 500,0 миң АКШ долларында келишим түзгөн.

Финансы министрлигинин Бишкек башкармалыгы Транспорт жана жол инфраструктурасы департаменти аркылуу “Бишкек шаар транспорт” муниципалдык ишканасына автобустарды сатып алууга 7 642 249,4 миң сом жана бажы төлөмдөрүнө 1 151 877,9 миң сом каржылаган. Акчалар доллар валютасына конвертацияланып, “Бишкек шаар транспорт” жабдуучу Кытайлык компанияга доллардын курсуна ылайык 7 641 687,6 миң сом которулган. Натыйжада, бюджеттик каражаттардан 59 389,1 миң сом үнөмдөлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттерди берүү” тартибинин 33-пунктун бузуу менен, үнөмдөлгөн 59 389,1 миң сомдун ичинен 58 827,3 миң сому кайтарылган, калган 561,8 миң сом кайтарылган эмес.

Мындан тышкары, Түндүк-Чыгыш бажы кызматы менен “Бишкек шаар транспорт” муниципалдык ишканасынын ортосунда түзүлгөн салыштыруу актысына ылайык, 1000 автобус үчүн бажы төлөмдөрү боюнча төлөнгөн сумма 1 151 877,9 миң сомду түзгөн. Ал эми аныгында эсептелген бажы төлөмдөрү 1 141 635,6 миң сомду түзүп, натыйжада трансферттердин пайдаланылбай 10 242,3 миң сомго калдыгы калган.

Республикалык бюджетке кайтарууга жаткан сумма **10 804,1 миң сомду** түзгөн.

*Аудит учурунда 2025-жылдын 23-июнундагы №20 төлөм тапшырмасы менен 561,8 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине кайтарылган.*

**Сунуштама:**

“Бишкек шаар транспорт” муниципалдык ишканасы тарабынан пайдаланылбай калган 10 242,3 миң сом суммасындагы каражаттардын республикалык бюджетке кайтарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Максаттуу трансферттер түрүндө “Бишкек жылуулук электр борбору” муниципалдык ишканасына (“Бишкек ЖЭБ” МИ) энергетикалык блокторун жаңылоо жана долбоордук кубаттуулукка жеткирүү максатында, республикалык бюджеттен Бишкек шаардык мэриясына 1 602 605,6 миң сом бөлүнүп, “Бишкек ЖЭБ” МИге которулуп берилген.

“Бишкек ЖЭБ” МИси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 9-августундагы № 476-т тескемесинин 5-пунктунда аныкталган Tebian Elektric Apparatus Stock Co, LTD компаниясы менен түзүлгөн келишимдерге ылайык, аткарылган иштер үчүн 1 177 934,2 миң сом которулуп берилип, жыл аягында трасферттердин калдыгынын көлөмү 424 671,4 миң сомду түзгөн. Ал эми 2025-жылы калдыктан 201 250,0 миң сом которулуп берилип, 2025-жылдын 20-июнуна карата калдык 223 421,4 миң сомду түзгөн.

“Бишкек ЖЭБ” МИ 1 602 605,6 миң сомдук үлүшүн өзүнүн активдерине жана өздүк капиталына көбөйтүү менен кошкон эмес, ал эми мамлекеттик бюджеттин финансылык отчетунда мамлекеттин активдери ушул суммага азайтылып көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:**

- “Бишкек ЖЭБ” мамлекеттик ишканасы максаттуу трансферттин каражаттарынын иш жүзүндө чыгымдалган бөлүгү 2025-жылы ишкананын бухгалтердик эсебине тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү менен, ишкананын өздүк капиталына уюштуруучунун салымы катары көрсөтүлсүн.
- “Tebian Elektric Apparatus Stock Co, LTD” компаниясы менен акыркы эсептешүүлөрдөн кийин, максаттуу трансферттин пайдаланылбаган 223 421,4 миң сомго калган бөлүгү “Бишкек ЖЭБ” мамлекеттик ишканасы тарабынан республикалык бюджетке которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №126 токтому менен бекитилген, “Жергиликтүү бюджеттерде каржылоодо турган мекемелердин керектөөчү электр энергиясы үчүн чыгымдарын республикалык бюджеттен каржылоо жөнүндө” жобонун 6-пунктунун 2-абзацы сакталбастан, электр энергиясы үчүн жалпы **75 191,5 миң сомго** 8 аймак/райондорду ашыкча каржылоо жүргүзүлгөн, алар: Ысык-Көл району боюнча – 6 460,6 миң сом, Тоң – 2 387,8 миң сом, Базар- Коргон – 10 403,3 миң сом, Ноокен – 10 955,2 миң сом, Араван - 20 181,3 миң сом, Кара-Кулжа - 1 291,3 миң сом, Ноокат – 19 312,0 миң сом жана Сокулук - 4 200,0 миң сом.

**Сунуштама:**

- Жергиликтүү бюджеттерде каржылоодо турган мекемелердин керектөөчү электр энергиясы үчүн чыгымдарын республикалык бюджеттен

каржылоо, 2023-жылдын 14-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин №01-13/231 жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин №138-Б биргелешкен буйругу менен бекитилген лимиттин негизинде гана жүргүзүлсүн;

- Мекемелердин керектөөчү энергетикалык ресурстар боюнча лимиттерин так аныктап, бекитүүнү күчөтүү, ошону менен бирге ашыкча каржылоону алдын алуу иш чаралары жүргүзүлсүн;
- Райондук мамлекеттик администрациялардын каржылоосуна мониторинг жана лимиттердин сакталышына үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Каракол шаарынын мэриясына А.С. Пушкин атындагы парк үчүн жабдууларды жана аттракциондорду алуу максатында бөлүнгөн максаттуу трансферттердин пайдаланылышына аудит жүргүзүүдө, Каракол шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан валюталык курс айырмасынан үнөмдөлгөн 2 766,1 миң сомдон 502,3 миң сому гана республикалык бюджетке кайтарылган. Калган **2 263,8 миң сом** жергиликтүү бюджетке которулган.

**Сунуштама:**

Каракол шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан 2 263,8 миң сомго үнөмдөлгөн максаттуу трансферттердин калдыгы республикалык бюджетке кайтарылсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылдын 24-июнундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №365-б буйругуна ылайык, Бишкек шаарынын мэриясына Германия өнүктүрүү банкынын (KFW) гранттык каражаттарынан шаардын автобустарын сатып алуу үчүн 2 053 642,4 миң сом бөлүнгөн.

Бишкек шаарынын мэриясы транспортту сатып алуу милдетин “Бишкек шаар транспорт” муниципалдык ишканасына тапшырган. Жарыяланган конкурс аркылуу 68 автобус сатып алуу боюнча “ANADOLU ISUZU OTOMOTIV SANAYI VE TICARET A.S.” түрк компаниясы менен 21 896,0 миң Евро өлчөмүндөгү келишим түзүлгөн.

Финансы министрлигинин Бишкек башкармалыгы тарабынан “Бишкек шаар транспорт” муниципалдык ишканасына 2 044 280,9 миң сом каржыланган. Муниципалдык ишкана тарабынан жеткирүүчү компанияга ЕВРО валютасынын курсуна ылайык 2 034 562,8 миң сом которулган. Натыйжада, бюджеттик каражаттардан 19 079,6 миң сом үнөмдөлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттерди берүү” тартибинин 33-пунктун бузуу менен, Германия өнүктүрүү банкынын (KFW) гранттык каражаттарынан Бишкек шаарына автобустарды сатып алуу үчүн берилген каражаттардан үнөмдөлгөн 19 079,6 миң сомдун ичинен болгону 9 361,4 миң сом кайтарылган, калдык **9 718,2 миң сомду** түзгөн.

*Аудит учурунда 2025-жылдын 23-июнундагы №20 төлөм тапшырмасы менен 9 718,2 миң сом республикалык бюджетке кайтарылган.*

**Региондорду өнүктүрүү фонддору**

2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча 47 региондук өнүктүрүү фонду иштеген, анын ичинде: республикалык бюджеттен каржылануучу 7 региондук өнүктүрүү фонду, 40 райондук өнүктүрүү фонду.

Республиканын региондорун өнүктүрүү фонддорун каржылоо 3 792 696,8 миң сомду түзгөн, анын ичинде, республикалык бюджеттин каражаттарынан - 1 657 823,8 миң сом, жер казынасын пайдалануучулардан - 2 134 873,0 миң сом. Кассалык чыгымдар 3 570 796,6 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, анын ичинен: республикалык бюджеттин каражаттарынан 1 599 067,9 миң сом, жер казынасын пайдалануучулардан - 1 971 728,7 миң сом. 2025-жылдын 1-январына карата эсептеги калдык 221 900,2 миң сом, анын ичинен: республикалык бюджеттин каражаттарынан - 58 755,9 миң сом, жер казынасын пайдалануучулардан - 163 144,3 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылга карата "Алгакадам" коомдук бирикмесинин демилгелерин колдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 4-июнундагы №106 ПТ тескемесинин негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунан Баткен облусунун өнүктүрүү фондуна 150 000,0 миң сом жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 18-октябрындагы №650-т тескемесинин негизинде, республикалык бюджеттен Кадамжай районун өнүктүрүү фондуна 250 000,0 миң сом акча каражаты берилген. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-сентябрындагы № 554 токтому менен бекитилген, "Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө" типтүү жобонун 39-пунктуна ылайык, Фонддун акча каражаттарынын жүгүртүлүшү боюнча эсеп жана отчеттуулук жүргүзүлгөн эмес, жобонун 42-пунктуна ылайык, Фонддун аткаруу органы Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык, Фонддун акча каражаттарынын сакталышы, натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилиги каралган эмес, жобонун 46-пунктуна ылайык, өтүнмө ээси социалдык жана инфраструктуралык долбоорлор жана жергиликтүү коомчулуктун демилгелерин мамлекеттик субсидиялоонун алкагында сунушталган долбоорлор үчүн каржылоого алууга долбоордук өтүнмөнү (электрондук же кагаз форматында) таризделген эмес, жобонун 93-пунктуна ылайык, аткарылган иштер боюнча актылар тапшырылган эмес.

**Сунуштама:**

Баткен облусун өнүктүрүү фонду боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-сентябрындагы № 554 токтому менен бекитилген, "Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө" типтүү жобонун 39, 42, 46, 93-пункттарынын аткарылышы жана сакталышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 128-беренесине ылайык, жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө, күтүүгө жана аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларына ылайык, максаттуу багыттагы иш-чараларды ишке ашырууга чегерүүлөр кыйыр салыктарды эсепке албастан жана пайдалуу кендерди жеткирүүгө/ташууга чыгымдарды кошпостон, пайдалуу кендерди сатуудан же пайдалуу кендерди кайра иштеткенге чейинки өздүк наркынан алынган пайданын 2 пайызы өлчөмүндө төлөнөт.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, 2024-жылга карата 544 субъекттен (жеке жактардан) пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн кирешенин болжолу 2 340 638,4 миң сомду түзсө, анык түшкөн суммасы 2 338 018,1 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда, ашыкча төлөмдөрдүн көлөмү 39 863,6 миң сомду, 71 субъекттин карызы (салык калдыгы) 22 852,7 миң сомду түзгөн.

Пайдалуу кендерди сатуудан алынган 2% өлчөмүндөгү каражаттар Региондорду өнүктүрүү фонддоруна чегерүүлөрдүн негизин түзөт. Бирок, Финансы министрлиги тарабынан жеке жана юридикалык жактардан пайдалуу кендерди сатуу боюнча келип түшүүчү акча каражаттарын жетиштүү деңгээлде көзөмөлдөнбөйт. Натыйжада, Региондорду өнүктүрүү фонддоруна 22 852,7 миң сом түшпөй калган.

**Сунуштама:**

Жеке жана юридикалык жактардан пайдалуу кендерди сатуу боюнча келип түшүүчү акча каражаттарына жетиштүү деңгээлде көзөмөл жүргүзүлсүн жана тиешелүү бюджеттерге 71 субъектиден жалпы 22 852,7 миң сомго пайдалуу кендерди сатуудан алынган 2% өлчөмүндөгү каражаттар которулсун.

## Дем берүүчү гранттар боюнча

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген, “Дем берүүчү гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө” жобонун, “Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча” нускаманын талаптары сакталбастан, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (Финансы министрлигинин) аймактык бөлүмдөрү өздөрүнө жүктөлгөн функцияларды толук аткарбагандыгы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жетиштүү деңгээлде методикалык жана практикалык жардам көрсөтпөгөндүгү аныкталган. Натыйжада, долбоорлордун сметалык наркы менен бюджетин түзүүдө так эместиктер келип чыккан. Ушунун негизинде, республикалык бюджеттен дем берүүчү грант катары бөлүнгөн **28 754,9 миң сомдук** он долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ишке

ашырылган эмес. (*Ишке ашпай калган долбоорлор боюнча маалымат №4 тиркемеде берилет*).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасында дем берүүчү гранттардын натыйжалуулугун жогорулатуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын долбоорлорду ишке ашыруудагы жоопкерчилигин арттыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык бөлүмдөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына методикалык жардам көрсөтүү, окутуу жана координацияны күчөтүү боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген, "Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча" нускаманын 26-пунктунун талаптарына жооп бербеген, ишке ашыруу мөөнөтү оңдоо-куруу иштеринин мөөнөттөрүнө туура келбеген 122 140,1 миң сом суммасындагы 22 долбоор тандоо комиссиясы тарабынан тандалып, долбоорлорду бекитүү боюнча комиссия тарабынан бекитилген. Долбоорлордун жалпы суммасынын ичинен **68 932,8 миң сом** дем берүүчү гранттар, ал эми 53 207,3 миң сом жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздүк каражаттары болуп саналат.

Долбоорлордун ишке ашыруунун мөөнөттөрү так аныкталбагандыгы жана документтер талаптарга жооп бербегендигине байланыштуу, дем берүүчү гранттардын пайдаланылышы кыйынчылыктарга учурап, долбоорлор белгиленген убакытта бүткөрүлбөй, аткарылган иштердин сапатында көйгөйлөр жаралат, бул дем берүүчү гранттардын натыйжалуулугун төмөндөтөт.

**Сунуштама:**

- Долбоорлорду тандоо жана бекитүү процессинде ички контролду күчөтүү менен ар бир долбоордун документтери текшерилип, талаптарга жооп бербей турган дем берүүчү гранттар боюнча долбоорлорду алдын ала жокко чыгарылышы камсыздалсын;

- Комиссиялар тарабынан долбоорлорду тандоодо, даярдоодо жана ишке ашырууда мөөнөттөрдүн оңдоо-куруу иштеринин мөөнөттөрүнө ылайык келишине көңүл бурулсун;
- Долбоорлорду тандоо жана бекитүү боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги мыйзам чегинде аныкталып, долбоорлор талаптарга жооп бербесе, комиссия мүчөлөрү үчүн жоопкерчилик чаралары каралсын;
- AS "STIMGRANT" системасында техникалык валидатор орнотуу жагы каралсын (мисалы, мөөнөт туура келбесе, автоматтык эскертүү же бөгөт коюу).

***Дем берүүчү гранттардын тиешелүү финансылык жылдын ичинде аякталышы жана пайдаланылышы***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген, “Дем берүүчү гранттар долбоорлорду тандоо жана каржылоо боюнча” жобонун 5-пунктуна ылайык, гранттар тиешелүү финансылык жылдын ичинде аяктоого жана пайдаланууга берилүүгө тийиш.

Аудит мезгил аралыгында AS “STIMGRANT” системасында онлайн режиминде ишке ашырылбай калган долбоорлор бар экендиги аныкталган. Дем берүүчү грант катары республикалык бюджеттен каржыланган 81 192,6 миң сомдук 37 долбоор финансылык жылдын ичинде аяктап, пайдаланууга берилбей калган.

Мындан тышкары, аталган жобонун 52-пунктуна ылайык, курулуш иштерине келишим боюнча долбоордун наркынын 5% өлчөмүндөгү акыркы траншы долбоорду аяктоо жөнүндө отчет тапшырылгандан кийин каржыланат. Бирок, 37 долбоор финансылык жылдын ичинде толук бүтүп, пайдаланууга берилбегендиктен, республикалык бюджеттен дем берүүчү грант катары бөлүнгөн 6 941,6 миң сом жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинде калып калган.

***“Инфосистема” мамлекеттик ишканасынын маалыматы:***

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу “Инфосистема” мамлекеттик ишканасы “STIMGRANT” автоматташтырылган маалыматтык системасында долбоорлордун аткарылышы боюнча отчетторду мекеме ар бир этап менен киргизет жана системада жыл бүтсө да отчетторду киргизүү мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, жыл бүткөндө дем берүүчү гранттар бөлүмү долбоорлордун баарын системада архивациялоо болуп кеткендигине байланыштуу, долбоорлордун аткарылышы боюнча отчетторду мекеме киргизе албай калат.*

**Сунуштама**:

- AS “STIMGRANT” системасынын функцияларын жаңыртып, жыл аягында отчетторду киргизүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн, архивге өткөрүлгөн долбоорлордун аткарылышы боюнча отчетторду киргизүүгө шарт түзө турган механизмдери иштелип чыксын;
- Жалпы суммасы 81 192,6 миң сом болгон 37 долбоордун аяктагандыгы жана пайдаланууга берилгендиги тууралуу маалыматтар AS “STIMGRANT” системасына так жана толук киргизилиши тез арада камсыздалсын.
- 2025-жылга карата дем берүүчү гранттын негизинде каржыланууга тийиш болгон долбоорлордун тизмесин бекитүүдө, дем берүүчү гранттын эсебинен каржыланган жана бүтпөй калган долбоорлорду артыкчылыктуу тартипте карап, тизмеге кошуу каралсын.

***Долбоорлорду ишке ашырууда подрядчы уюмдар тарабынан кызматтардын жана иштердин наркына негизсиз кошулган акча каражаттар***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 22-беренесине ылайык, кыйыр салыктар – бул салык төлөөчүнүн кирешеси же мүлкү менен түз байланышы жок, товарлардын, иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баасына же тарифине кошумча катары эсептелүүчү салыктар болуп саналат. Мындай салыктардын катарына кошумча нарк салыгы, акциз жана сатуу салыгы кирет.

Ушуга байланыштуу, бирдиктүү салык кыйыр салык болуп эсептелбейт жана кызматтардын же иштердин баасына кошулбайт.

Салык кодексинин 43-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөндөй, эгер мыйзамда башкача белгиленбесе, салык төлөөчү салык базасын тиешелүү чен менен көбөйтүү аркылуу төлөнө турган салык суммасын өзү эсептейт, салык жеңилдиктерин эске алуу менен.

Мындан тышкары, Салык кодексинин  423-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, салык салуу базасы катары товарларды, кызматтарды жана иштерди сатуудан түшкөн киреше эсептелет. Ал эми Салык кодексинин 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык, киреше – бул салык төлөөчү саткан товарлар, кызматтар жана иштер үчүн алынган же алынууга тийиш болгон акча каражаттары болуп саналат.

Ушунун негизинде, бирдиктүү салык, салык төлөөчүнүн товар, кызмат же иш аткаруудан түшкөн кирешесинен кармалат жана бул салык кызмат алуучуга кошумча төлөм катары жүктөлбөйт.

“STIMGRANT” маалымат системасы аркылуу катталган долбоорлорго жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, 2024-жылы республика боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан долбоорлорду ишке ашырууда, подрядчы уюмдардын сунуштаган сметаларында жана аткарылган иштерди кабыл алууда кызматтардын жана иштердин наркына негизсиз түрдө бирдиктүү салык кошулгандыгы аныкталган. Мунун натыйжасында, республикалык бюджеттен дем берүүчү грант катары бөлүнгөн **11 988,9 миң сом** өлчөмүндөгү акча каражаты негизсиз ашыкча подрядчы уюмдарына төлөнгөн.

**Сунуштама:**

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын долбоорлорун текшерүү жана бекитүүдө, салык мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келишине көңүл бурулсун;

- Текшерүүнүн жыйынтыгы менен негизсиз эсептелип, ашыкча дем берүүчү грант катары подрядчы уюмдарына төлөнгөн 11 988,9 миң сом өлчөмүндөгү бирдиктүү салыктын суммаларын республикалык бюджетке кайтаруу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн Дем берүүчү гранттардын алкагында он үч долбоор тандалып, алардын аткарылган жумуштарына аудит жүргүзүүдө, **3 846,6 миң сомго** аткарылган жумуштардын көлөмдөрү жогорулатылган *(отчетко №6 тиркеме).*

**Сунуштама:**

- *Отчеттун №6 тиркемесинде* берилген жооптуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары боюнча 3 846,6 миң сомго аткарылган жумуштардын жогорулатылган көлөмдөрүн республикалык бюджетке ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн;

- Гранттык каражаттарды алуу жана пайдалануу боюнча келишимдеринде, негизсиз же туура эмес каражаттарды пайдаланган учурларда, калыбына келтирүү боюнча кошумча талаптар жана жоопкерчиликтер каралсын.

**Мамлекеттик карыз боюнча**

Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгымдардын такталган болжолу 2024-жылга **60 217,1 млн сомду** түзгөн, бул максаттарга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен иш жүзүндө 59 855,4 млн сом өлчөмүндө каражат багытталган, алардын ичинен:

- **мамлекеттик тышкы карызга -** 37 571,9 млн сом;
- **мамлекеттик ички карызга -** 22 283,5 млн сом.

Мамлекеттик карызды тейлөөнүн иш жүзүндөгү көлөмүнүн такталган болжолго карата шайкештик деңгээли 99,4%ды түзгөн.

**Тышкы карыз**

2024-жылга мамлекеттик тышкы карызды тейлөөгө **37 929,0 млн сом** суммада чыгымдар болжолдонгон. Иш жүзүндөгү төлөмдөр **37 571,9 млн сом** түзгөн.

2024-жылга такталган бюджеттен иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрдүн четтөөсү азаюу жагына 357,1 млн сомду түзгөн. Такталган болжолго карата мамлекеттик тышкы карызды тейлөөнүн иш жүзүндөгү көлөмдөрүнүн шайкештик деңгээли 99,1%ды түзгөн.

Мамлекеттик тышкы карызды тейлөөгө иш жүзүндөгү чыгымдардын болжолдуу көрсөткүчтөрдөн четтөөсүнүн негизги себеби болуп, валюталардын курстарынын өзгөрүлүшү жана республикалык бюджет тарабынан бекитилген колдонуудагы кредиттерди тейлөөнүн иш жүзүндөгү чегерилген милдеттенмелери менен болжолдуу суммаларынын ортосундагы терс айырма саналат.

2024-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы (тышкы жана ички) 6 589,28 млн АКШ долларын (573 267,04 млн сом) түзөт, алардын ичинде:

- мамлекеттик тышкы карыз 68,8%, же 4 534,55 млн АКШ доллары (394 506,21 млн сом);
- мамлекеттик ички карыз 31,2%, же 2 054,73 млн АКШ доллары (178 760,83 млн сом).

2024-жыл үчүн ИДПга карата мамлекеттик тышкы карыздын катышы 25,9%ды түзөт. 2024-жыл үчүн ИДПга карата мамлекеттик карыздын (тышкы жана ички) катышы 37,63%ды түзөт.

**Бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды администрлөөнүн абалы**

**Аныкталды жана корутунду:** ***(“Кыргызиндустрия” ААКсы)***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 5-февралындагы №34-р тескемесине ылайык, “Кыргызиндустрия” ААКсына 200,0 млн сом суммасында бюджеттик кредит берилген. Бул каражаттар Улуттук банктын топтоо эсебинде топтолгон “Ишкердик субъекттерин каржылоо” программасынын алкагында бөлүнгөн.

2025-жылдын 1-январына карата бул кредит боюнча карыз 210 520,5 миң сомду түзгөн *(негизги сумма - 200 000,0 миң сом, пайыздар – 10 520,5 миң сом)*. 2025-жылдын 12-июнуна карата карыздын жалпы суммасы 216 225,7 миң сомду түзгөн *(негизги сумма - 200 000,0 миң сом, пайыздар – 15 846,6 миң сом, айып пулдар – 379,1 миң сом)*, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыз - 13 336,2 миң сом *(негизги сумма – 9 523,8 миң сом, пайыздар – 3 433,3 миң сом, айып пулдар – 379,1 миң сом)*.

“Кыргызиндустрия” ААКсына бюджеттик кредит берүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” жободо көрсөтүлгөн айрым талаптар сакталган эмес, алар:

- салык кызматынын мөөрү менен ырасталган, ФОЭСтин белгиленген формасына ылайык акыркы үч жылдагы финансылык отчеттору (эгерде юридикалык жак финансылык отчетту жүргүзбөсө, салык декларациясын берет) жана кирешелер жөнүндө декларациясы *(2022-жыл жана 2023-жылдын 9 айы үчүн финансылык отчет кабыл алынган);*
- өтүнмө ээсинин төлөө жөндөмдүүлүгүн аныктоо жана тобокелдиктерин талдоо талабы (мекеме тарабынан жалпы 154 696,8 миң сом өлчөмүндө жоготуулар болгон: 2022-жылы 80 227,0 миң сом, 2023-жылдын 9 айында 74 469,8 миң сом);
- баалоонун жыйынтыгын корутунду түрүндө көрсөтүү талап кылынган (оң корутунду, долбоорлорду жеткире иштеп чыгуу үчүн тармактык мамлекеттик органга кайтаруу жана терс корутунду). Анткени, жобого ылайык, чечим долбоорлору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна Финансы министрлиги тарабынан оң корутунду берилгенден кийин гана жөнөтүлүүгө тийиш;
- “Кыргызиндустрия” ААКсынын банктык эсебине күрөө келишими жок акча каражаттары которулган (2024-жылдын 16-февралындагы №19-04-01/4 кредиттик келишимде сатып алынган жабдуулар милдеттүү күрөөлүк камсыздоо катары коюлары каралган, бирок карыз алуучу азыркы күнгө чейин күрөө койгон эмес).

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине:***

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө" жобонун талаптарына ылайык, "Кыргызиндустрия" ААКсынын бюджеттик кредиттер боюнча милдеттүү күрөө келишимин түзүү камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:** ***("Тамга" аскердик-көмөкчү чарбасы" мамлекеттик ишканасы)***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-майындагы №253-т тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Тамга" аскердик-көмөкчү чарбасы" мамлекеттик ишканасына (мындан ары - Ишкана) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы аманат эсебинде топтолгон Кытай Эл Республикасынын гранттык каражаттарынын эсебинен 25,3 млн сом өлчөмүндө бюджеттик кредит берилген.

2023-жылдын 6-июнундагы №19-04-01/23 кредиттик келишим түзүлгөн жана милдеттүү түрдө күрөө менен камсыздоо каралган. Күрөө келишимдери төмөнкүдөй: 2023-жылдын 16-ноябрындагы №61 келишим – 7 384,8 миң сом суммасындагы батирлер; 2023-жылдын 1-октябрындагы (номери жок) келишим – 2 223,8 миң сом суммасындагы турак үй; 2024-жылдын 30-апрелиндеги (номери жок) келишим – 14 323,0 миң сом суммасындагы имарат, дан кампасы, №1, №2 жана №3 өндүрүш имараттары, канаттуулар фермасы; 2025-жылдын 16-январындагы (номери жок) келишим – 1 307,9 миң сом суммасындагы "Нива Эффект" үлгүсүндөгү дан жыйноочу комбайн.

2023-жылдын 16-июнундагы №850 төлөм тапшырмасынын негизинде Ишканага 25,3 млн сом суммасындагы каражат которулуп берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 26-январындагы №48 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу "Тамга" аскердик-көмөкчү чарбасы" мамлекеттик ишканасынын Уставына ылайык, *Ишкананын мүлкү жана кирешеси мамлекеттин менчиги болуп эсептелет*. Ишкана мамлекеттик мүлккө чарба жүргүзүү укугуна негизделип түзүлгөн *жана ага бекитилген мүлккө менчик укугу берилген эмес.*

Жогоруда жазылгандарды эске алуу менен, Фонд тарабынан мамлекеттик мүлккө күрөө келишимдери түзүлгөнүн белгилөөгө болот. Бюджеттик кредит бөлүү боюнча чечим долбоорун демилгелеген тармактык мамлекеттик орган тарабынан күрөө камсыздоону берүү мүмкүн эместиги тууралуу маалыматты берүүгө тийиш жана сунушталган маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

Текшерүүнүн жыйынтыгында белгилүү болгондой, 2023-жылга республикалык бюджетте бул каражаттар каралган эмес. Ошол эле учурда,

Кытай Эл Республикасынан грант катары түшкөн каражаттардын эсебинен жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тиешелүү комитети менен макулдашуу жок туруп, ишканага бюджеттик кредит берилген.

Кытай Эл Республикасынан берилген гранттык каражаттар боюнча түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык, кайра кайтарылган каражаттарды топтоп, кийинчерээк айыл чарба техникасын сатып алууга (жана милдеттенмелерди дал ошол техника менен камсыздоого) багытталууга тийиш болгон. Жогорудагы жагдайлардан улам, 25,3 млн сом өлчөмүндөгү каражаттар топтоо эсебине кайра кайтарылышы керек.

Ишканага бюджеттик кредит берүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө" жободо көрсөтүлгөн айрым талаптары сакталган эмес, алар:

- салык кызматынын мөөрү менен ырасталган, ФОЭСтин белгиленген формасына ылайык, акыркы үч жылдагы финансылык отчетторунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү ишкана тарабынан берүү;

- ишкананын каржылык абалына баа берүү талаптары;

- баалоонун жыйынтыгын корутунду түрүндө көрсөтүү талап кылынган (оң корутунду, долбоорлорду жеткире иштеп чыгуу үчүн тармактык мамлекеттик органга кайтаруу жана терс корутунду). Анткени, жобого ылайык, чечим долбоорлору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна Финансы министрлиги тарабынан оң корутунду берилгенден кийин гана жөнөтүлүүгө тийиш.

Мындан тышкары, бекитилген Уставдын талаптарына ылайык, Ишкана жылдык каржылык-чарбалык ишинин жыйынтыгы менен мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу органга, эсептик эсепке таза кирешесинин белгиленген өлчөмүн, бирок кеминде 50 пайызын которууга милдеттүү, андан соң ал каражат республикалык бюджетке багытталат.

Аудиттин жыйынтыгында, бюджеттик кредит берүү чечими менен мамлекеттик ишкананы кредиттик карызга салган, анын натыйжасында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-декабрындагы №766-т тескемеси менен, Ишкананын карызын реструктуризациялоо тууралуу чечим кабыл алынган. Анда кредитти төлөө мөөнөтү 2 жылга узартылып, шарттары өзгөртүлгөн: төлөө мөөнөтү – 2030-жылдын 15-июнуна чейин, ал эми негизги сумманы төлөөнүн жеңилдик мөөнөтү – 2027-жылдын 15-июнуна чейин белгиленген.

2023-жылдын 6-июнунда №19-04-01/23 кредиттик келишимге карата 2025-жылдын 17-апрелинде №19-04-1/21 кошумча келишим түзүлүп, карызды кайтаруу боюнча жаңы график бекитилген.

Ишкананын карызын реструктуризациялоо жөнүндө 2024-жылдын 2-декабрындагы №766-т тескемесин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу 2025-жылдын 20-мартындагы №2942-VII токтому менен бекитилген, тактап айтканда, 3 ай 18 күндөн кийин.

**Сунуштама:**

- “Тамга” аскердик-көмөкчү чарбасы” мамлекеттик ишканасы тарабынан 25,3 млн сом өлчөмүндөгү гранттык каражаттар Кытай Эл Республикасынын Өкмөтүнүн сактык эсебине бекитилген жаңы графиктин негизинде кайтарылсын;
- Мамлекеттик ишканаларга бюджеттик кредиттерди берүүнүн критерийлерин өзгөртүү боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” жобонун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын, тактап айтканда, үч жылдык финансылык отчетторду алуу, төлөө жөндөмдүүлүгүн талдоо жана корутунду (оң же терс) берүү камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:** ***(“Бишкек штамптоочу заводу” мамлекеттик ишканасы)***

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-майындагы №280-т тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигине караштуу “Бишкек штамптоочу заводу” мамлекеттик ишканасына (мындан ары - “БШЗ” МИ) республикалык бюджеттин эсебинен 3 800,0 млн сом өлчөмүндө бюджеттик кредит бөлүнгөн (Жогорку Кеңештин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат комитетинин 2024-жылдын 18-июнундагы чечими).

Тескеменин негизги шарты катары милдеттүү түрдө күрөө камсыздоо каралган, бирок “БШЗ” МИнин Уставына ылайык, анын мүлкү жана пайдасы мамлекеттин менчиги болуп саналат. Ишкана мамлекеттик мүлккө чарба жүргүзүү укугу менен түзүлгөн жана ага бекитилген мүлккө менчик укугу берилген эмес.

2024-жылдын 31-июлундагы №19-04-01/38 эки тараптуу кредиттик келишим түзүлүп, 2024-жылдын 15-октябрындагы №1681 төлөм тапшырмасы аркылуу келишимдин шартына ылайык, биринчи транш менен 1 023 270,0 миң сом каражат “БШЗ”МИнин эсебине которулуп берилген.

2024-жылдын 21-ноябрында №19-04-01/58 биринчи траншты төлөө графиги боюнча эки тараптуу кошумча келишим, акча каражаттар иш жүзүндө которулган күндөн 37 күн өткөндөн кийин гана түзүлгөн.

Тескеменин жана кредиттик келишимдин шарттарын эске алуу менен, Фонд тарабынан 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген жободо “Зайымчынын алыш-бериш эсебине акча каражаттарын которуу же зайымчыга товардык-материалдык ресурстарды берүү кредиттик келишим жана бюджеттик кредит боюнча милдеттенмелерди аткарууну камсыздоо жөнүндө келишим түзүлгөндөн жана катталгандан кийин жүзөгө ашырылат” деп белгиленген, бирок, күрөө келишими азыркы күнгө чейин түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик ишканаларга бюджеттик кредиттерди берүүнүн критерийлерин өзгөртүү боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду: (кайтарылбай калган карыздар, банкроттор)**

Аудит учурунда туруктуу комиссиянын 2024-жылдын 5-апрелиндеги №19-03-02/02 карызды кайтарууга мүмкүн эместигин таануу тууралуу корутундусуна ылайык, банкроттук жараянда жок кылынган чарба субъекттерине берилген бюджеттик кредиттер боюнча **532,2 млн сом** суммасындагы талаптар токтотулуп, бул сумма республикалык бюджеттин жоготуусу катары эсептелинген (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 13-майындагы №71-б буйругу).

| *№* | *Займчынын аталышы* | *Кайтарымсыз карыз, сом* |
|---|---|---|
| 1 | “Обо эне” Коомдук фонду | 146 880 |
| 2 | “Кут -Келсин” Айыл чарба кооперативи | 638 896 |
| 3 | “Максат” ЖЧКсы | 75 551 315 |
| 4 | “Кыргыз агро тамак-аш корпорациячы” ААКчы | 451 335 867 |
| 5 | “Түшүм суу” Сууларды пайдалануу ассоциациясы | 4 535 840 |
| | ***Бардыгы*** | ***532 208 798*** |

Ошондой эле, Фонд тарабынан 48 көйгөйлүү чарба субъекттеринин (активдери жок) карызга байланыштуу талап коюу укуктарын токтотуу ишин жүргүзүүдө, алардын карызынын калдык суммасы 3 077,4 млн сомду түзөт, бул болсо, келечекте бюджетке кирешенин түшпөй калышынын тобокелдигин билдирет.

Бюджеттик кредиттерди эсептен чыгаруу - бул белгилүү шарттарда актоого боло турган акыркы чара, бирок ал ар дайым республикалык бюджет үчүн терс кесепеттерге ээ болуп, кылдат талдоону жана мүмкүн болсо бюджеттик кредиттерди берүү жана тескөө ыкмаларын кайра карап чыгууну талап кылат.

**Сунуштама:**

Республикалык бюджетти кошумча чыгымга учуратпоо максатында, берилген кредиттер боюнча каражаттардын максималдуу суммасынын ордун толтуруу боюнча бардык чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** ***(өздөштүрүлбөгөн каражаттар)***

2023-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын (мындан ары - ЕРӨБ) ортосунда түзүлгөн кредиттик келишимге ылайык, “Кыргыз Республикасынын суу секторунун туруктуулугун жогорулатуу программасы” долбоорунун алкагында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-октябрындагы №619-т тескемесинин негизинде шаар мэрияларына 8,0 миллион евро өлчөмүндө каражаттар кайра насыялоо жолу менен берилген (субкредиттик келишимдер түзүлгөн):

- ✓ Кадамжай ш. 24.12.2024-жылдагы №19-04-01/62 - 2,0 млн евро;
- ✓ Таш-Көмүр ш. 24.12.2024-жылдагы №19-04-01/63- 2,0 млн евро;
- ✓ Көк-Жаңгак ш. 26.12.2024-жылдагы №19-04-01/65 - 2,0 млн евро;

✓ Айдаркен ш. 24.12.2024-жылдагы №19-04-01/64 - 2,0 млн евро.

Аталган долбоор боюнча 2024-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин каражаттар өздөштүрүлгөн эмес. Фонддун эсеби боюнча 2025-жылдын 1-январына карата аталган долбоор боюнча өздөштүрүлбөй калган кредиттин бөлүгүнө эсептелген пайыз түрүндөгү карыз 64,2 миң еврону, же эсеп боюнча 8 852,05 миң сомду түзөт (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2025-жылдын 1-январындагы курсу боюнча: 1 евро - 91,1535 сом).

Ошол эле учурда, республикалык бюджеттен “Кыргыз Республикасынын суу секторунун туруктуулугун жогорулатуу программасы – Кадамжай, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак жана Айдаркен шаарларынын субдолбоорлору” долбоору боюнча мамлекеттик карызды жабууга 143,7 миң евро же эсеп боюнча 13 098,8 миң сом (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2025-жылдын 23-январына карата курсу боюнча: 1 евро – 91,1535 сом) өлчөмүндө чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен: бир жолку комиссиянын алынышы (1%) – 80,0 миң евро, пайыздар боюнча төлөм – 1,4 миң евро, өздөштүрүлбөгөн каражаттар үчүн комиссия – 62,3 миң евро.

Жогорудагы долбоорго окшош жагдай, тактап айтканда, өздөштүрүлбөгөн каражаттар, башка долбоорлордо да байкалат, алар:

| № | Зайымчынын аталышы | Карыз берүүчү | КР МКТ | Суммасы, миң EUR | Субкредиттик келишимдин номери ж/а датасы | Өздөштүрүлбөгөн каражаттар үчүн комиссия | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | миң EUR | миң сом |
| 1 | Өзгөн ш. | ЕИБ 28.05.16-ж. | 23.12.22-жылдагы №691-т | 2 500,0 | 17.02.23-жылдагы 19-04-01/9 | 7,5 | 4 046,4 |
| 2 | Кара-Суу ш. | ЕИБ 28.05.16-ж. | 14.12.22-жылдагы №677-т | 1 000,0 | 20.02.23-жылдагы 19-04-01/10 | 4,9 | 1 317,5 |
| 3 | Майлуу-Суу ш. | ЕИБ 12.04.17-ж. | 10.02.23-жылдагы №43-т | 1 450,0 | 10.05.23-жылдагы 19-04-01/18 | 9,3 | 2 491,3 |
| 4 | “Чакан ГЭС” ЖЧКсы | ЭБРР 3.03.23-ж. | 24.07.23-жылдагы №432-т | 8 800,0 | 14.08.23-жылдагы 19-04-01/36 | 0,5 | 4 839,2 |
| | **Бардыгы** | | | | | **142,2** | **12 694,4** |

Жогоруда көрсөтүлгөн долбоорлор боюнча каражаттар бүгүнкү күнгө чейин өздөштүрүлгөн эмес, бирок, ошол эле учурда республикалык бюджеттен бул долбоорлорду тейлөөгө, тактап айтканда, өздөштүрүлбөй калган каражаттар үчүн комиссия түрүндө 142,2 миң евро же эсеп боюнча 12 694,4 миң сом өлчөмүндө чыгымдар жүргүзүлгөн.

Аудиттин жыйынтыгында, жогоруда көрсөтүлгөн абал мындан ары республикалык бюджет үчүн карыздын өздөштүрүлбөгөн бөлүгүнө комиссия жана төлөө мөөнөтүн кечиктирүү үчүн айып пул түрүндөгү кошумча чыгымдарды пайда кылат.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансы-кредиттик фонду тарабынан кредиттин өздөштүрүлбөгөн бөлүгү үчүн комиссияны төлөөгө жана өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн туумдарды төлөөгө байланыштуу, бюджеттин кошумча чыгымдарына жол бербөө үчүн жоопкерчиликти күчөтүү менен, субкредиттик келишимдер боюнча карыз алуучулар тарабынан каражаттарды өз убагында өздөштүрүү бөлүгүндө талдоо жана мониторинг жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду: (күрөө)**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 14-октябрындагы №634-т тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Нарын шаарынын муниципалдык ишканасына 67,0 млн сом өлчөмүндө бюджеттик кредит берген, анын ичинен: долбоорлоо-сметалык документтерди даярдоого - 20,0 млн сом, панорамалык аттракционду курууга - 47,0 млн сом.

2024-жылдын 14-ноябрындагы №19-04-01/55 эки тараптуу кредиттик келишим түзүлүп, 2024-жылдын 20-ноябрындагы №2/985 төлөм тапшырмасы менен 67,0 млн. сом каражаты которулган.

Кредиттик келишимдин 4.10-пунктуна ылайык, Нарын шаарынын муниципалдык ишканасы алты айдын ичинде бюджеттик кредиттин эсебинен алынган жабдуулар түрүндө күрөөнү камсыздап берүүгө милдеттүү. *Бирок зайымчы тарабынан аудит жүргүзгөн учурга чейин күрөө коюлбаганына карабастан, Нарын шаарынын муниципалдык ишканасынын банктык эсебине күрөө келишими жок туруп, акча каражаттары которулган.*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” жобого ылайык, Фонддун ишинде бюджеттик кредиттердин кайтарылышын камсыздоонун маанилүү механизмдеринин бири болуп саналган күрөө менен камсыздоо милдеттүү болуп эсептелет.

Аудит учурунда күрөөнү камсыздоо боюнча түзүлгөн келишимдердин жоктугу төмөнкү карыз алуучуларда да орун алган, алар:

| № | Зайымчынын аталышы | КР МКТ | Насыянын суммасы ж/а которулган мөөнөтү миң сом. | Субкредиттик келишимдин номери ж/а датасы | Күрөөгө коюлган мүлк ж/а күрөө келишимин түзүү мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “Абытова Айсалкын” ЖИ | 13.06.23-жылдагы №328-т | 23.08.2023-жылы 30 000,0 | 23.08.2023-жылдагы | Жер участогу тоок ферма жана келечектеги курулуштары менен (менчик укугун каттагандан кийин), жабдуулар, канаттуулар |
| 2 | “Электр станциялары” ААКсы | 17.10.24-жылдагы №646-т | 25.11.2024-жылы 350,0 млн. сом, 31.03.2025-жылы 400,0 млн. сом, 17.06.2025-жылы 650,0 млн. сом | 05.11.24-жылдагы 19-04-01/53 | Белгиленген тартипте 12 ай ичинде |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **3** | Чолпон-Ата мэриясы | 06.04.23-жылдагы №172-т | 27.11.2023-жылы 250,0 миң евро | 07.06.23 – жылдагы 19-04-01/24 | Белгиленген тартипте 3 ай ичинде |

Аудит учурунда “Абытова Айсалкын” ЖИ менен Фонд ортосунда 2025-жылдын 2-июлундагы №0000000000/25 эки тараптуу күрөө келишими 25 494,6 миң сомго түзүлүп, 85 пайыз күрөө менен камсыздалган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” жобонун талаптарынын милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуу боюнча өз убагында келишимдерди түзүү бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду: (“Кыргызнефтегаз” ААКсы)**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги №147-т тескемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен “Кыргызнефтегаз” ААКсы ортосунда 2024-жылдын 3-июнундагы №19-04-01/17 кредиттик келишим түзүлгөн. Бул келишимдин алкагында жалпы суммасы 109 923 871 АКШ доллары өлчөмүндө бюджеттик кредит берүү каралган. Бюджеттик кредиттин максаттуу колдонулушу – “Кыргыз Петролеум Компани” ААКсы иштетип жаткан мунай кайра иштетүү заводун модернизациялоо, ага шайкеш EPC-келишимге ылайык, “SPEC ENGINEERING INC” компаниясы менен келишим түзүлгөн.

Фонд тарабынан насыя бергенде күрөө менен камсыздоону берүү боюнча кредиттик келишимдин талаптары сакталган эмес. Атап айтканда, “Кыргызнефтегаз” ААКсы мүлктүк комплекс түрүндөгү күрөөнү, анын баасы бюджеттик кредиттин суммасын толук жабууга тийиш, ошондой эле “Кыргыз Петролеум Компани” жабык акционердик коомунун мүлктүк комплексин, анын ичинде бюджеттик кредиттин эсебинен курулуп алынган объектилерди алты айдын ичинде камсыздоосу керек болчу. Бирок, кредиттик келишим 2024-жылдын 12-апрелинде түзүлсө да, күрөө келишимдери кечиктирилип 2025-жылдын 14-январында 2 651,0 миң сомго жана 2025-жылдын 25-мартында 7 248,1 миң сомго түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №406 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” жобонун талаптарынын милдеттенмелерин аткарылышын камсыз кылуу боюнча өз убагында келишимдерди түзүү бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:** ***(Утурлама фонд)***

Япония Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасына 6,4 миллион япон йенине же 1 146,7 млн сомго гранттар берилген. Япония менен Кыргыз Республикасынын өкмөттөрүнүн ортосундагы алмашуу ноталарынын шарттарына ылайык, Япония Өкмөтүнүн Каржы фонддорунун каражаттары кыргыз тарапка өткөрүлүп берилген жана алар “*туура түрдө жана эки*

*өлкөнүн расмий органдары макулдашкан тизмедеги товарларды сатып алууга гана пайдаланылышы керек”.* Тактап айтканда, бул каражаттар *“айыл чарба техникаларын, жабдууларын жана аларды сатып алуу менен байланышкан кызматтарды”* сатып алууга багытталышы керек эле.

Каражаттарды топтоо максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын атайын топтоо эсептери ачылган. Бул каражаттар республикадагы айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүн үзгүлтүксүз кредиттөө үчүн (айыл чарба техникаларын жана жабдууларын сатып алуу жана берүү) колдонулат. Эсеп толук толтурулгандан кийин жана Япония Өкмөтүнүн макулдугу менен каражаттарды мындан ары пайдаланууга уруксат берилет.

2024-жылдын 1-январына карата Япония Өкмөтүнүн гранттык каражаттары боюнча карыздын калдыгы 405,5 миллион сомду түзгөн. 2024-жылдын ичинде 13,4 млн сом кайтарылган, ал эми 2024-жылдын 31-декабрына карата карыздын калдыгы 392,1 млн сомду түзөт. Ал эми 383,8 млн сом, же жалпы карыздын 97,9%ы кечиктирилген карыз болуп эсептелет, алар:

- Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги – карыздын калган суммасы 167,2 млн сом;
- “Кыргызайылтехсервис” лизинг компаниясы ААКсы – карыздын калган суммасы 79,6 млн сом (соттун өндүрүү тууралуу күчүнө кирген чечими бар);
- Банкроттук жол-жобону демилгелөө боюнча - 5,7 млн сом;
- Соттун чечимдери чыккан зайымчылардын карызы - 87,0 млн сом;
- Сот жана тийиштүү органдар тарабынан карыздарды кайтаруу боюнча тийиштүү чаралар жүргүзүүдө - 52,6 млн сом.

**Сунуштама:**

383,8 млн сомго Япония Өкмөтүнүн гранттык каражаттары боюнча грант алуучулар тарабынан кечиктирилген карыздарды кайтаруу боюнча зарыл чаралар көрүлсүн.

## Мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчеттун түзүлүшү жана аткарылышы

2024-жылга мамлекеттик инвестициялардын алкагындагы долбоорлорду ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча тышкы каржылоого (кредиттер жана гранттар) мамлекеттик инвестициялар (мындан ары - МИ) боюнча чыгымдардын жалпы көлөмү 35 170,1 млн сомду түзгөн, бул пайыздык өлчөмдө төмөнкүлөрдү түзөт:

- МИнин 2024-жылга 50 384,8 млн сом өлчөмүндө бекитилген бюджетине карата – 69,8%;
- МИнин 2024-жылга 38 646,2 млн сом өлчөмүндө такталган бюджетине карата – 91,0%;

2024-жылы 2023-жылдын ушул эле январь-декабрь мезгилине салыштырмалуу тышкы каржылоо боюнча МИнин чыгымдарынын жалпы көлөмү 4 426,6 млн сомго же 11,2%га азайган.

**2024-жылга МИнин бюджетинин толук эмес аткарылышынын себептери**

Субъективдүү себептер:

- Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору тарабынан донорлор менен финансылык макулдашуулардын күчүнө кириши үчүн мамлекеттик ички жол-жоболорду узак убакытта өткөрүү.

Объективдүү себептер:

- донорлор тарабынан долбоордук документтердин узак убакыт каралышы (анын ичинде каржылоого өтүнмөлөр, конкурстук документтер);
- тендердик жол-жоболордун узакка созулушу (тендердин кошумча этабы);
- кадрдык тез-тез өзгөрүүлөр;
- курстук айырма.

**Аныкталды:**

2024-жылы пандемия жана кризистен кийинки калыбына келтирүү шарттарында микро, чакан жана орто ишканаларга жардам берүүгө арналган “Микро-чакан жана орто ишканаларды колдоо” (COVID-19) долбоорунун каражаттарынын эсебинен Финансы министрлиги үчүн 3 268,8 миң сомго 21 даана компьютердик техниканы сатып алуу ишке ашырылган. Долбоордун документтерине ылайык, ишке ашыруу финансы министрлигинин долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнө гана жүктөлгөн, ал эми эл аралык кызматташтык башкармалыгы ишке ашыруучу агенттик болуп саналбаган ыйгарым укуктуу органдын функцияларын аткарат. Долбоордун максаттуу компоненттери мамлекеттик түзүмдөрдүн материалдык-техникалык базасын чыңдоону караштырбайт. Сатып алуу атайын программалык камсыздоону колдонуу же долбоорду ишке ашыруу менен гана алектенген атайын персоналды камсыз кылуу сыяктуу долбоордун ичиндеги тапшырмаларды түздөн-түз аткаруу зарылдыгын тастыктаган документалдык негиздеме менен коштолгон эмес. Аталган сатып алуу долбоордун каражаттарын максаттуу пайдалануу принцибин бузуу болуп саналат, анткени микро-чакан жана орто ишканаларды колдоого жана ишке ашыруучу агенттиктин операциялык ишин камсыздоого багытталган эмес жана билдирилген максаттарга ылайык келбейт.

**Корутунду:**

Долбоордун максаттарына туура келбестен, 2024-жылы Финансы министрлиги “Микро-чакан жана орто ишканаларды колдоо” (COVID-19) долбоорунун эсебинен, микро-чакан жана орто ишканаларга жардам берүүгө каралган каражаттардан министрлик үчүн 3 268,8 миң сомго 21 даана компьютер сатылып алган.

*Аудит субъектисинин комментарийлери:*

*Үнөмдөлгөн гранттык каражаттар пайдаланылбаган учурда алар жокко чыгарылууга жана Дүйнөлүк банкка кайтарылып берилүүгө тийиш болгон, бул өлкөгө тартылган гранттык каражаттарды жоготууга алып келмек. Мындан*

*тышкары, Дүйнөлүк банктын стандарттык шарттарына ылайык, үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен кредиттик бөлүгүн жабуу механизми каралган эмес. Кабыл алынган чечим каражаттардын өлкөдө калуусунан тышкары, Министрликтин туруктуу өнүгүүсүн колдоого да мүмкүндүк берди.*

**Сунуштама:**

"Микро-чакан жана орто ишканаларды колдоо" (COVID-19) долбоорунун каражаттарынын эсебинен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги үчүн максатсыз пайдаланылган 268,8 миң сом Министрликтин атайын эсебинин каражаттарынын эсебинен республикалык бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Мамлекеттик инвестициялык программалар (МИП) балансынын жана отчеттук маалыматтарынын 5-тиркемесине ылайык, 2024-жылдын 31-декабрына карата акча каражаттарынын чыгуусу 35 993, 7 млн сомду түзгөн. Айрым долбоорлордун коммерциялык банктардагы эсептериндеги пайдаланылбаган калдыктар 5 551,5 млн. сомду түзгөн. Ошол эле учурда, 2024-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто 35 170,1 млн сом суммасында мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун иш жүзүндөгү чыгымдары (финансылык активдерди эске алуу менен) чагылдырылган, же реалдуу чыгымдардан 823,6 млн сомго аз көрсөтүлүп бурмаланган.

Белгилей кетүүчү жагдай, бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун каражаттары боюнча чыгымдар бурмаланып жаткандыгы буга чейинки жылдарга жүргүзүлгөн аудиттерде дагы белгиленген.

**Сунуштама:**

- Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүүдө мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун каражаттары боюнча иш жүзүндөгү чыгымдардын бөлүгүнүн аныктыгы камсыздалсын;
- Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту бурмалоого жол берген Кыргыз Республикасынын Финансы министринин эл аралык кызматташтык башкармалыгынын жетекчисинин кызмат ордуна ылайыктуулугу каралсын.

## Борбордук Казыналык боюнча

***1. Бирдиктүү казыналык эсептеги тиешелүү бюджеттин каражаттарынын калдыктарынын факты жүзүндө болушунун чегинде жана кезектүүлүк тартибинде, Бирдиктүү казыналык эсептеги каражаттарды тескөө жана жүргүзүлгөн операцияларды эсепке алуу аркылуу республикалык бюджеттин аткарылышын кассалык тейлөөнү камсыздоо***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27-пункту жана "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана

2025-2026-жылдарга пландалган республикалык бюджет жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин талаптары сакталбастан, бюджеттик мекемелер тарабынан корголгон беренелер боюнча каражаттарды толук жана өз убагында өздөштүрүү камсыздалган эмес. Натыйжада, 2024-жылдын 31-декабрына карата жалпы **255,2 млн сом** өлчөмүндө корголгон беренелер боюнча кредиттик карыз пайда болгон.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жана Кыргыз Республикасынын тиешелүү жылга республикалык бюджети жөнүндө Мыйзамын аткаруу үчүн республикалык бюджеттен корголгон чыгымдар беренелерин биринчи кезекте өздөштүрүүнү камсыз кылсын.

**Аныкталды:**

2024-жылга республикалык бюджет 417 536,2 млн сомго кирешелердин келип түшүүсү жана 383 228,7 млн. сом чыгымдар менен, 34 307,5 млн сом суммасындагы профицит менен аткарылган. Баштапкы такталган көрсөткүчтөр боюнча бюджеттин профицити 6 438,9 млн сом деп пландалган. Мында, бюджеттик каражаттар боюнча (*атайын каражаттар жана МИПти эсепке албаганда*) профицит 30 457,7 млн сомго болжолдонуп, факты жүзүндө 48 961,7 млн. сомду түзгөн, же такталган пландан 18 504,1 млн сомго көп.

Республикалык бюджеттин жыйынды кирешелери (атайын каражаттар жана МИПти эсепке алынбаганда) 377 224,8 млн. сомго такталган пландын алдында 385 760,6 млн. сомду түзгөн, же 8 535,8 млн. сомго көп.

Ошол эле учурда, республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары (атайын каражаттар жана МИПти эсепке албаганда) 346 767,1 млн. сомго такталган пландын алдында 336 798,9 млн. сомго аткарылган, же 9 968,2 млн сомго аз. Башкача айтканда, республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдары (атайын каражаттарды жана МИПти эсепке албаганда) аларды жабуу үчүн жетиштүү каражаттардын болгонуна карабастан **9 968,2 млн сомго** аткарылган эмес.

2024-жылдын бюджетинин аткарылышын талдоодо, “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилген, бюджеттин чыгымдар бөлүгүн жабуу үчүн жетиштүү каражаттардын болгонуна карабастан, кассалык пландар 9 968,2 млн. сомго каржыланган эмес. Мында, республикалык бюджеттин бюджеттик каражаттары боюнча ички кредиттик карыздын жалпы суммасы (мамлекеттик ички карызды эсепке албастан) 2023-жылдын 31-декабрына **4 855,0 млн. сомду** түзгөн.

**Корутунду:**

2024-жылга республикалык бюджет пландалган 6 438,9 млн сом профициттин алдында 34 307,5 млн. сом профицит менен аткарылган. Мында, бюджеттик каражаттар боюнча (атайын каражаттар жана МИПти эсепке албаганда) 30 457,7 млн. сом профицит пландалган. Бюджеттик каражаттар

боюнча факты жүзүндө профицит 48 961,7 млн. сомду түзгөн, бул болсо, такталган бюджеттен 18 504,1 млн. сомго көп. Киреше бөлүгү 8 535,8 миллион сомго ашыкча аткарылган, чыгымдар бөлүгү 9 968,2 млн. сомго аткарылган эмес, бул болсо, 4 855,0 млн. сомго кредиттик карыздын пайда болушуна алып келген.

**Сунуштама:**

- Бекитилген бюджеттик каражаттарды толук эмес өздөштүргөндүгү үчүн, бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчүлөрдүн жоопкерчилиги күчөтүлсүн;

- Кредиттик карызды кыскартуу боюнча чараларды өз учурунда көрүү максатында, кредиттик карыздын абалына дайыма мониторинг жана талдоо жүргүзүлсүн.

***2. Бирдиктүү казыналык эсепке Кыргыз Республикасынын бюджетинин бардык ресурстарын милдеттүү жана дароо чегерүү***

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунда каралган бюджеттин бирдиктүүлүк принцибин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6 жана 8-бөлүктөрүн бузуу менен, "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин 2-бөлүгү сакталбастан, Курулуш министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрү жана аймактык башкармалыктары тарабынан коммерциялык банктардагы эсептер жабылган жана Бирдиктүү казыналык эсепке бюджеттин бардык ресурстарын чегерүү жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:***

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин (анын ведомстволук башкармалыктарын, аймактык бөлүмдөрүн жана башка мекемелерин камтуу менен) Казыналыктан сырткары турган алыш-бериш эсептерин жабуу жана каражаттардын калдыктарын Бирдиктүү казыналык эсепке которуу маселеси каралсын.

***3. Бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирбестен, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары жайгашкан бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктарын тиешелүү бюджеттердин эсептерине которуу***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-бөлүгү сакталбастан, 2024-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик

каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине бюджеттик жылдын акыркы эки жумушчу күнүнөн кечиктирилбестен которулган эмес. Берилген маалыматтарга ылайык, 2024-жылдын 31-декабрына карата мекемелердин кассасындагы накталай акча каражаттары **21,4 млн сомду** түзгөн.

Мындан сырткары, “Бюджеттик каражатты алуучу” (БКА) төлөм картасын чыгарууну жана колдонууну уюштуруу боюнча иш тартиби жөнүндө” жобонун талаптары сакталбастан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык башкармалыктары тарабынан кезектеги финансылык жылдын 25-декабрына чейинки мөөнөттө бюджеттик мекемелер БКА картасы боюнча накталай акча каражаттарын толук көлөмдө алуу жана БКА картасы боюнча эсептерди нөлгө түшүрүү камсыздалган эмес. 2024-жылдын 31-декабрына карата Башкы китептин балансынын бириктирилген отчетунун маалыматтары боюнча накталай акча каражаттары **0,9 млн сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

-“Банк аралык процессинг борбору” ЖАКы менен, 2024-жылдын 31-декабрына карата “Бюджеттик каражатты алуучу” (БКА) карталарындагы каражаттардын калдыктары менен салыштыруу жүргүзүлсүн, БКА карталарындагы бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктарын тиешелүү бюджеттердин эсептерине которуу камсыздалсын.

-“Бюджеттик каражатты алуучу” төлөм картасын чыгарууну жана колдонууну уюштуруу боюнча иш тартиби жөнүндө” жобонун талаптары сакталбастан, 2024-жылдын 25-декабрына чейинки мөөнөттө бюджеттик мекемелер БКА картасы боюнча накталай акча каражаттарын толук көлөмдө алууну жана БКА картасы боюнча эсептерди нөлгө түшүрүүнү камсыздабаган Финансы министрлигинин кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

### *4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарын эсепке алуунун жана пайдалануунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келүүсү*

**Аныкталды:**

“Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу үчүн коммерциялык банктарды тандоо боюнча Конкурс комиссиясынын жыйынынын протоколдоруна” ылайык, сунушталган материалдарда баштапкы пайыздык чендин деңгээлин белгилөөгө негиздеме жок.

Атап айтканда, депозиттер боюнча баштапкы пайыздык чендер 8,5%дан 10%га чейин өзгөргөн, ошол эле учурда убактылуу бош каражаттар жайгаштырылган учурда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени 13%ды, ал эми “Овернайт” депозиттик операциялары боюнча чен 11%ды түзгөн.

**Корутунду:**

Убактылуу бош каражаттарды жайгаштырууда баштапкы пайыздык чендер жетиштүү негиздеме менен аныкталган эмес. Белгиленген пайыздык чендер Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ошол учурдагы негизги көрсөткүчтөрүнөн төмөн болгон.

**Сунуштама:**

Убактылуу бош бюджеттик каражаттарды жайгаштырууда, ачык-айкындуулукту, негиздүүлүктү жана натыйжалуулукту камсыз кылуу максатында, баштапкы пайыздык ченди аныктоо, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын депозиттик операциялар боюнча чендерин эске алуу менен камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу үчүн коммерциялык банктарды тандоо боюнча конкурстук комиссиянын протоколдорун талдоодо, комиссиянын чечим кабыл алуу процессинде бир катар кемчиликтер аныкталган. Атап айтканда, 2022-жылдын 11-мартында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №135 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибинин 21-пунктунун 8-пунктчасынын талаптары бузулган.

Мисалы, 2024-жылдын 16-февралындагы №2 протоколдо:

- №4 лот боюнча мамлекеттик катышуусу бар артыкчылыктуу банк – “КИКБ” ААКсы болууга тийиш болсо да, анын ордуна негизсиз “Халык Банк Кыргызстан” ААКсы жеңүүчү катары көрсөтүлгөн;
- №6 лот боюнча “РСК Банк” ААКсы артыкчылыкка ээ болсо да, “КСБ Коммерциялык Банкы” ЖАКы тандалган;
- №9 лот боюнча дагы “РСК Банк” ААКсы артыкчылыкка ээ болсо да, “Халык Банк Кыргызстан” ААКсы тандалган.

Мындан тышкары, 2023-жылдын 28-декабрындагы №5 протокол боюнча №4 лотто “КИКБ” Банк артыкчылыктуу банк катары эсептелсе да, комиссиянын мүчөлөрү тарабынан эч кандай түшүндүрмөсүз “Бакай Банк” ААКсы жеңүүчү деп таанылган.

Ошондой эле, бардык талаптарга жооп берип, жогорку пайыздык чен сунушталгандыгына карабастан, “Бакай Банк” ААКсы, “КСБ Коммерциялык Банкы” ЖАКы жана “Халык Банк Кыргызстан” ААКсы тарабынан берилген сунуштар негизсиз түрдө четке кагылган. Мындай чечимдердин натыйжасында мамлекеттик бюджеттин киреше булагы **27,7 млн сом** суммасындагы жоготууларга учураган.

Бул фактылар конкурстук комиссиянын ишинде ачык-айкындуулук, ырааттуулук жана укуктук негиздеменин жоктугун билдирет.

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын жайгаштыруу үчүн коммерциялык банктарды

тандоо боюнча конкурстук комиссиянын ишин жакшыртуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №135 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин убактылуу бош каражаттарын коммерциялык банктарга жайгаштыруу тартибине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси каралсын;

- Ар бир чечим жана конкурстук сунуштарды четке кагуунун себептери боюнча так жана жазуу жүзүндөгү негиздеме конкурстук комиссиянын протоколунда көргөзүлсүн.

## 2024-жылга валюталык активдерди алмаштыруу боюнча операциялар (своп-операциялары)

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-июнундагы № 305 токтому менен, "Валюталык активдерди алмаштыруу боюнча операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобо бекитилген. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 4-октябрындагы № 121-б "Валюталык активдерди алмаштыруу боюнча операцияларды жүргүзүү маселелери жөнүндө" буйругу кабыл алынган.

Валюталык своп-операция - улуттук валютаны чет өлкөлүк валютадагы эквиваленттүү суммага алмаштыруу боюнча операция, мында бул сумманы алдын ала сүйлөшүлгөн мөөнөт өткөндөн кийин кайра алмаштыруу жана улуттук валютаны пайдалануу үчүн эсептелген пайыздарды төлөө милдеттенмеси келип чыгат.

2024-жылы своп-операцияларын жүргүзүү үчүн катышуучулар менен 114,0 млн. АКШ доллары суммасында келишимдер түзүлгөн, анын ичинде:

- Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду (РКӨФ) менен 100,0 млн АКШ долларында;
- "Бакай Банк" ААКсы менен 11,0 млн АКШ долларында;
- "Азия Банкы" ЖАКы менен 3,0 млн АКШ долларында.

Жогоруда белгиленген суммадан валюта активдери 34 млн АКШ доллары (жалпы 4 келишим) суммасында алмаштырылган, же улуттук валютанын эквиваленти боюнча 3 033,53 млн сом.

АКШ долларынын курсу 2013-жылдан 2024-жылга чейин ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгонуна карабастан, туруктуу өсүү тенденциясын көрсөткөн. 2024-жылы доллардын орточо курсу 2020-жылга салыштырмалуу 19,45 сомго же 27,9%га жогорулаган. Акыркы 10 жыл ичинде доллардын курсу жылына орто эсеп менен 6,7%га өсүп турган. Ошол эле учурда, улуттук валютада каражаттарды пайдалануу үчүн төлөнүүчү пайыздык чендер болгону 3,3%дан 6,48%га чейин түзөт. Бул узак мөөнөттүү своп-операциялардан мамлекеттик бюджеттин каражаттарын жоготуу тобокелдиги жаралат.

Жалгыз эле РКӨФ менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча 2024-жылга болжолдуу жоготуунун суммасы **60,8 млн сомду** түзөт (*303,97 млн. сом/5 жылда*).

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:***

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тобокелдиктерди жана финансылык натыйжалар жөнүндө маалыматтарды камтуу менен, своп-операциялардын абалы жана жыйынтыктары жөнүндө дайыма отчет берүүгө милдеттендирилсин.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

- Кредиттерди берүүдөн мультипликативдүү натыйжаны камтуу менен, бардык мүмкүн болуучу тобокелдиктерди жана пайдаларды эске алуучу своп-операциялардын экономикалык максатка ылайыктуулугун баалоо методикасы иштелип чыксын;

- Узак мөөнөттүү своп-операциялар менен байланышкан валюталык тобокелдиктерди хежерлөө үчүн, кошумча аспаптарды пайдалануу мүмкүнчүлүгү каралсын;

- Своп-операциялардын стратегиясын оңдоо үчүн чечимдерди өз учурунда кабыл алуу үчүн, башка негизги валюталардын жана АКШ долларынын курсунун динамикасына дайыма мониторинг жана талдоо жүргүзүү тутуму орнотулсун;

- Валюталык курстун жылдык орточо өзгөрүүсүнө жараша оңдоло турган өзгөрмө пайыздык ченди киргизүү мүмкүнчүлүгү каралсын.

### *5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин эсептерин жана алардын пайдалануунун натыйжалуулугун талдоо*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында 2024-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине 64 эсеп ачылган, алардын ичинен: улуттук валютада 40 эсеп, казак теңгесинде 3 эсеп, орус рублинде 3 эсеп, беларус рублинде 1 эсеп, армян драмында 1 эсеп, евродо 5 эсеп, АКШ долларында 10 эсеп жана атайын кредиттик укуктарда 1 эсеп.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Улуттук банкындагы эсептериндеги жалпы калдык 2024-жылдын 31-декабрына карата 42 128,95 млн. сомду түзгөн (Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын курсу боюнча).

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылдын 1-январына карата №1013350200000150 "Жеке компаниялар үчүн KFW насыясы боюнча евро эсеп" деген эсепте 641,2 миң евро калган. Бул эсеп 2003-жылдын май айында, 1994-жылдын 15-июлунда кол коюлган өкмөттөр аралык келишимдин негизинде KFW кредиттик линиясынан алынган кредитти төлөө үчүн, кредит алгандардан түшкөн каражаттарды эсепке алуу максатында ачылган.

2003-жылдын 28-майындагы №Д-3-3-7/770 келишимге жана Улуттук банк менен болгон кошумча макулдашууларга (2006-жылдын 29-сентябрындагы №Д-3-6-2/1256, 2015-жылдын 26-мартындагы №Д-3-6-2/0317, 2022-жылдын 30-майындагы №2022-Д-194/566-3-6-2, 2022-жылдын 30-сентябрындагы №2022-Д-194/1064-3-6-2) ылайык, аталган эсептен тышкы карызды төлөө үчүн каражаттар которулуп, Борбордук казыналыктан төлөм документи боюнча евро улуттук валютага айландырылып турат. 2023-жылдын августунда №2023-Д-194/922-3-6-2 кошумча макулдашуу кабыл алынып, анда KFWнин жазуу жүзүндөгү макулдугу менен, эсептен тышкы карызды төлөө максатынан башка каражаттар да которула алат деп белгиленген.

2024-жылдын 20-мартындагы Борбордук казыналык №328 төлөм тапшырмасы боюнча 547 400 евро түзүмүндө каражаттар "Жеке компаниялар үчүн KFW кредити боюнча евро эсебинен" түздөн түз Түркиянын "ANADOLU ISUZU OTOMOTIV SANAYI VE TICARET A.S." компаниясына 17 автобус чыгаруу жана жеткирүү боюнча келишимдин калдыгы катары которулган. Бул каражаттар Бирдиктүү казыналык эсептен жана Бишкек шаардык "Бишкек жүргүнчүлөр автоунаа ишканасы" муниципалдык ишканасынын эсептеринен өтпөй, түз которулган.

KFW эсебинен 53,15 млн сомдук чыгымдар "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында республикалык бюджеттин ресурстук, ошондой эле чыгымдар бөлүгүндө да каралган эмес, б.а. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесине ылайык, толуктук принциби сакталган эмес. Демек, бул операциялар 2024-жылга мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто, топтолгон бюджет боюнча Башкы китептин балансынын бириктирилген отчетунда көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Бекитилген бюджеттен кошумча чыгымдарды жүргүзүүдө, республикалык бюджеттин бекитилген параметрлерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин талаптары так сакталсын.

***6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине берилген республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча отчеттордун жана аларды түзүү боюнча методикалык колдонмонун курамын талдоо. Отчетто бюджеттин көрсөткүчтөрүн, кирешелердин, чыгымдардын, активдердин жана милдеттенмелердин көрсөтүлүшү***

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 116-беренесинин талаптары сакталбастан, Финансы министрлиги тарабынан Министрлер Кабинетине 2025-жылы жөнөтүлгөн 2024-жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетто бюджеттик мекемелердин

дебитордук жана кредиттик карыздарынын абалы жөнүндө маалымат камтылган эмес.

**Сунуштама:**

Бюджеттик кодекстин 116-беренесинин талаптарына ылайык, 2024-жыл үчүн республикалык бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетко бюджеттик мекемелердин дебитордук жана кредиттик карыздарынын абалы жөнүндө маалымат камтылып, Министрлер Кабинетине кайрадан жөнөтүлсүн.

**7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын чыгымдар бөлүмүнүн ишин талдоо**

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудиттин жыйынтыгы көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын чыгымдар бөлүмүнүн айрым кызматкерлери тарабынан ар кандай чектөөлөргө жол берилген. Тактап айтканда, төлөм жүргүзүүгө уруксат берилген убакытта, негизсиз түрдө 174 төлөм тапшырмасы четке кагылган.

Мындан тышкары, аудит бюджеттик мекемелердин 50 кассалык чыгымдарын ырастоо боюнча билдирмелери жүйөсүз түрдө, эч кандай түшүндүрмө берилбестен четке кагылганын аныкталган.

Ошондой эле, негизсиз жана айрым учурларда эч кандай укуктук күчү жок жүйөлөр менен 16 билдирме четке кагылганы аныкталган.

**Сунуштама:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2021-жылдын 4-майындагы №61-б буйругу менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бюджеттеринин кассалык аткарылышы процессинде Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иши жөнүндө” жобонун талаптарынын так аткарылышы камсыздалсын;
- Ар бир четке кагылган бюджеттик мекемелердин кассалык чыгымдарын ырастоо боюнча билдирмелери боюнча жүйөлүү себептерди көрсөтүү жана милдеттүү түрдө каттоо камсыздалсын;
- Бюджеттик мекемелер тарабынан келтирилген даттанууларды жөнөкөйлөтүлгөн тартипте берүү үчүн, атайын электрондук даттануу формасы иштелип чыксын.

**8. Санариптик казынага байланыштуу милдеттенмелер боюнча маалымат**

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылдын 11-январында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №6 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин санариптик казыналык милдеттенмелерин чыгаруу, эсепке алуу, пайдалануу жана жоюу тартиби жөнүндө” жобонун 10-пунктуна ылайык, бюджеттик мекемелердин милдеттенмелерин жөнгө

салуу боюнча санариптик казыналык милдеттенмелерди чыгаруу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 12-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген, Санариптик казыналык милдеттенмелери менен иштөө боюнча нускамасынын 4-пунктуна ылайык, бул милдеттенмелерди чыгаруу үчүн тиешелүү чечим (буйрук/протокол) болушу жана анда чыгаруу күнү, шарттары жана номиналдык көрсөткүчтөр так көрсөтүлүшү зарыл. Бирок, 1 000,0 млн. сомго санариптик казыналык милдеттенмелерди чыгаруу тууралуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан тиешелүү чечим (буйрук/протокол) чыккан эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 12-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, Санариптик казыналык милдеттенмелери менен иштөө боюнча нускаманын 4-пунктуна ылайык, санариптик казыналык милдеттенмелерди чыгарууда ыйгарым укуктуу органдын тиешелүү чечими (буйрук/протокол) талап кылынсын.

## 9. Мамлекеттик сатып алуулардагы контракттарды банктык коштоону колдонуудагы натыйжалуулукту талдоо

**Аныкталды жана корутунду:**

Контракттарды банктык коштоонун учурдагы формасы бюджеттик каражаттарды натыйжалуу көзөмөлдөөнүн реалдуу куралы катары өзүнүн натыйжалуулугун далилдей алган жок.

Ачык-айкын отчеттуулуктун жоктугу, конкреттүү натыйжалардын жана экономикалык негиздемелердин жетишсиздиги, ошондой эле башка көзөмөл органдарынын функцияларынын кайталанышы - бул механизмди терең реформалоо же толугу менен жоюу зарылдыгын көрсөтөт.

Бюджеттик чыгымдарды оптималдаштыруу жана мамлекеттик сатып алууларга катышкан жеткирүүчүлөргө болгон административдик жүктү азайтуу шартында, банктык коштоо механизмин кайра карап чыгып, аны казыналык көзөмөл жана мамлекеттик сатып алуулар платформасы менен интеграцияланган, көбүрөөк ийкемдүү жана санариптик көзөмөл куралдары менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгү каралышы зарыл.

**Сунуштама:**

- Бюджеттик чыгымдарды оптималдаштыруу жана мамлекеттик сатып алууларга катышкан жеткирүүчүлөргө болгон административдик жүктү азайтуу максатында, Банктык коштоо механизмин кайра карап чыгып, аны казыналык көзөмөл жана мамлекеттик сатып алуулар платформасы менен

интеграцияланган, көбүрөөк ийкемдүү жана санариптик көзөмөл куралдары менен алмаштыруу маселеси каралсын.

-Казыналык көзөмөлдүн натыйжаларына баа берүү үчүн көз карандысыз эксперттерди жана жеткирүүчүлөрдүн өкүлдөрүн тартуу маселеси каралсын.

**10. Финансылык отчеттуулуктун түзүлүшүнө аудит**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун талаптарын бузуу менен, мамлекеттик ишканалардын таза активдери мамлекеттик бириктирилген финансылык отчеттуулукта актив катары көрсөтүлгөн эмес. Натыйжада, мамлекеттик активдердин жалпы көлөмү толук эмес көрсөтүлүп, **52 474,4 млн сом** өлчөмүндөгү активдер сыртта калган, анын ичинен: Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы боюнча - 902,3 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги - 51 572,1 млн. сом.

*Аудит учурунда аталган сумма кайра эсепке алынып, такталган финансылык отчет даярдалган.*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктунун талаптарын так жана өз убагында аткаруу үчүн, мамлекеттик органдардын тийиштүү кызматкерлерине кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча окутуу иш-чаралары уюштурулсун.

**Капиталдык салымдар боюнча**

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети” жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Мыйзамга ылайык, капиталдык салымдарга каралган бөлүнгөн акча каражаттарынын бекитилген көлөмү 8 000,0 млн. сомду түзүп, тактоолордон кийин 19 319,5 млн сомду түзгөн. Анын ичинен 19 180,4 млн сом каржыланган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-январындагы “Курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкция объектилерин мамлекеттик казына облигацияларын чыгаруу жолу менен каржылоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-мартындагы №116-т жана 2024-жылдын 13-июнундагы №329-т тескемелерине ылайык, курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкция объектилерин каржылоо үчүн 3 жылдык мөөнөт менен 13,2 - 16,3% кирешеге ээ болгон 15 млрд сом өлчөмүндө мамлекеттик казыналык облигациялар чыгарылган. Бул облигациялар төмөнкү коммерциялык банктар тарабынан сатып алынган:

“Элдик Банк” ААКсы – 3 182 984,3 миң сом;

“Айыл Банк” ААКсы – 6 691 898,3 миң сом;
“Бакай Банк” ААКсы – 964 571,9 миң сом;
“Коммерциялык банк Кыргызстан” ААКсы – 1 831 508,7 миң сом;
“Керемет Банк” ААКсы – 1 124 979,6 миң сом;
“Халык Банк” ААКсы – 684 445,8 миң сом;
“Демир Интернейшнл Банк” ЖАКы – 519 611,3 миң сом.

2024-жылдын 31-декабрына карата курулуш жана капиталдык курулуш объектилерин жабуу үчүн чыгарылган мамлекеттик казыналык облигациялардын жалпы көлөмү 14 999 821,2 миң сомду түзгөн. Коммерциялык банктар тарабынан капиталдык курулушка өздөштүрүлгөн каражаттар 10 720 182,1 млн сомду түзгөн. Ошентип, коммерциялык банктардагы өздөштүрүлбөгөн каражаттардын жылдын аягындагы калдыгы 4 279 639,1 миң сомду түзгөн.

Берилген маалыматтарга ылайык**,** тактоолорду эске алуу менен 12 640,5 млн сом суммасындагы бөлүнгөн акча каражаттарына ылайык, жалпы 1324 объектини (жашыруун бөлүгүн эсепке албаганда) куруу, капиталдык оңдоо жана долбоордук-сметалык документтерди (ДСД) даярдоо каралган. Анын ичинен:

- Турак жай-жарандык курулуш департаменти боюнча - 347 капиталдык курулуш объектиси, 165 капиталдык оңдоо объектиси, 44 суу менен камсыздоо объектиси, 226 ДСД объектиси;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин алдындагы Жол чарба департаменти боюнча - 341 объект;
- Бишкек шаарынын мэриясы боюнча - 10 объект;
- Ош шаарынын мэриясы боюнча - 31 объект;
- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин алдындагы Архив кызматы боюнча - 7 объект;
- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин алдындагы Суу ресурстары кызматы (ирригация) боюнча - 75 объект;
- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги боюнча - 51 объект;
- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги боюнча - 26 объект;
- Кыргыз Республикасынын Президенттин Администрациясынын Иш башкармалыгы боюнча - 1 объект.

Берилген маалыматтарга ылайык**,** 2024-жылы 341 объекттин курулушу аяктаган, алардын ичинен:

- республикалык бюджеттин эсебинен – 19180,4 млн сом,
- мамлекеттик казыналык облигацияларды (МКО) чыгаруу эсебинен – 14999,8 млн сом каржыланган.

Аягына чыгарылган объекттер:

- 68 - мектеп жана спорт залдар;
- 25 - бала бакча;
- 9 - саламаттыкты сактоо мекемелери;

- 19 - спорттук объектилери;
- 1 - маданият мекемеси;
- 142 - объект – 408,5 км жол жана көпүрөлөр;
- 14 - суу менен камсыздоо объектилери;
- 11- ирригация объектиси;
- 10 - турак жай объектиси;
- 43 -стратегиялык маанидеги объекттер;
- 10 - башка объекттер.

Анык түрүндө аткаруу 19180,4 млн сомду түзүп, бул каржылоонун 99,3%ын түзгөн.

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесине ылайык, капиталдык салымдар – бул негизги фонддорду түзүүгө жана кайра өндүрүүгө багытталган бюджеттик каражаттар болуп эсептелет. Алар төмөнкү максаттарга колдонулат:

-жаңы объекттерди куруу, реконструкциялоо жана долбоорлоо-изилдөө иштерин жүргүзүү;

-мамлекеттик (муниципалдык) органдарды техникалык жабдуу;

-машиналарды, жабдууларды жана башка техникаларды сатып алуу.

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2024-жылы капиталдык салымдарды каржылоого 8 000,0 млн. сом каралып, тактоолорду эске алуу менен бул сумма 19 319,5 млн. сомго жеткирилген жана кассалык чыгымдар республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто 19 180,4 млн. сом өлчөмүндө көрсөтүлгөн.

Бирок, аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан капиталдык салымдардын кошумча тизмеси түзүлүп, бекитилгендиги аныкталган. Аталган тизмедеги объекттерди каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен, атап айтканда, мамлекеттик казына облигацияларын чыгаруу жолу менен жүзөгө ашырылган. Бул процесс Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-январындагы №29 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик казына облигацияларын чыгаруу жолу менен курулуш, капиталдык ондоо жана реконструкция объекттерин каржылоо тартиби жөнүндө” жобого ылайык ишке ашырылган. Мамлекеттик баалуу кагаздардын эсебинен капиталдык салымдар үчүн каржыланган каражаттардын жалпы суммасы 14 999,8 млн сомду түзгөн.

**Корутунду:**

14 999,8 млн сом көлөмүндөгү каражат 2024-жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзам аркылуу бекитилбестен, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнө киргизилген эмес жана коммерциялык банктар тарабынан Мамлекеттик казыналык облигацияларды сатып алуу менен каржыланган.

2024-жылы республикалык бюджеттин капиталдык салымдар боюнча чыгымдары иш жүзүндө 34 180,2 млн сомду түзгөн.

Бул каржылык бузуулар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесинин 6-бөлүгүндө каралган толуктук жана ачык-айкындуулук принциптеринин бузулушуна алып келген.

**Сунуштама:**

- Тиешелүү жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө Мыйзамды сактоо жана бюджеттин аткарылышынын отчетунун тактыгын камсыз кылуу жана бурмалоолорго жол бербөө максатында, мамлекеттик казыналык облигацияларын чыгаруу эсебинен капиталдык салымдарды каржылоону тиешелүү жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө Мыйзамга жана анын аткарылышы тууралуу отчетко толук жана ишенимдүү көрсөтүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-январындагы №29 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик казыналык облигацияларын чыгаруу жолу менен курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкция объекттерин каржылоо тартиби жөнүндө" жобо Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жоболоруна ылайык келтирилсин.
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин талаптарына ылайык, бекитилген бюджеттен ашык кошумча чыгымдарды жүргүзүү, республикалык бюджеттин бекитилген параметрлерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-январындагы №29 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик казыналык облигацияларын чыгаруу жолу менен курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкция объекттерин каржылоо тартиби жөнүндө" жобого ылайык, ошондой эле Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-мартындагы №116-т жана 2024-жылдын 13-июнундагы №329-т тескемелеринин негизинде, республикалык бюджеттин каражаттары чыгарылган мамлекеттик казыналык облигацияларынын (МКО) эсебинен чыгышталган.

Жалпы өткөрүлгөн 9 аукциондун жыйынтыгында 14 999,8 млн сом суммасындагы МКО чыгарылып, алар 7 коммерциялык банк тарабынан сатып алынган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 17, 20-беренелерин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №438 токтому менен бекитилген, Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибинин 15-пунктунун талаптарын бузуу менен, мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруудан Бирдиктүү казыналыктын эсебине келип түшкөн 14 999,8 млн сом бюджеттин ресурсу катары эсепке алынбастан, капиталдык чыгымдарды аткаруу үчүн коммерциялык

банктардагы Финансы министрлигинин негизсиз депозиттик эсептерине которулган.

*Аудит субъектисинин комментарийлери:*

*Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин бюджетти кассалык ыкма менен түзүү жана аткаруу боюнча ченемдерин эске алуу менен, курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкциялоо объекттерин каржылоо үчүн МКОну жайгаштыруудан түшкөн каражаттар республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётко киргизилбейт.*

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги курулуш, капиталдык оңдоо жана реконструкциялоо объекттерин каржылоо үчүн, МКО каражаттары боюнча маалыматтык мүнөздөгү тиркемени иштеп чыгат жана республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко өзүнчө киргизет. Бул тиркеме ушул аспапка байланыштуу бардык маалыматтарды бириктирет.*

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:***

Бюджеттик мыйзамдардын бузулушуна жол берген, атап айтканда, бюджеттин ресурстарын Бирдиктүү казыналык эсептен капиталдык чыгымдарды аткаруу үчүн коммерциялык банктардагы негизсиз эсептерге 14 999,8 млн сомду которгондугу үчүн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жетекчилигинин жана кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык, бюджеттик каражаттарды алуучулардын колдонулбай калган жана Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары турган бюджеттик каражаттары бюджеттик жылдын акыркы эки иш күнүнөн кечиктирбестен тиешелүү бюджеттердин эсептерине кайра кайтарылышы керек.

Башкармалык тарабынан берилген маалыматтарга жана банктардын көчүрмөлөрүнө ылайык, 2025-жылдын 27-июнуна карата, 2024-жылга карата капиталдык салымдардын объектисинин Тизмесин каржылоо үчүн чыгарылган мамлекеттик казыналык облигацияларынын эсебинен коммерциялык банктарда сакталган каражаттардын калдыгы 2 412,6 млн сомду түзгөн.

*Аудит субъектисинин комментарийлери:*

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин буйруктарына ылайык, көрсөтүлгөн каражаттар инвестициялык долбоорлордун объекттерине капиталдык салымдар түрүндө бөлүштүрүлгөн. Буга байланыштуу, бул каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине кайра кайтаруу мүмкүн эмес, анткени, курулуш иштери аяктаганга чейин каражаттар өздөштүрүлүүсү ыктымал. Мындан тышкары, эгерде бул каражаттар республикалык бюджетке кайтарылса, подрядчылар алдындагы келишимдик милдеттенмелер аткарылбай калуу тобокелдиги бар.*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык, капиталдык салымдардын объектилерин каржылоо үчүн чыгарылган мамлекеттик казыналык облигацияларынын эсебинен коммерциялык банктарда сакталган каражаттардын 2 496,0 млн сом калдыгы Бирдиктүү казыналыктын эсебине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен 4 коммерциялык банк ортосунда түзүлгөн келишимдерге ылайык, Бирдиктүү казыналык эсебинен тышкаркы коммерциялык банктардагы эсептерде сакталган каражаттар боюнча пайыздык ченде киреше эсептелет. 2024-жылдын 31-декабрына карата 4 коммерциялык банктын берген маалыматына жана банктык көчүрмөлөргө ылайык, пайыз түрүндө эсептелген кирешелердин жалпы суммасы 36 461,2 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- “О банк” ААКсы (Халык банк) – 4 616 633 сом;
- “Мбанк” ААКсы (Коммерциялык банк Кыргызстан) – 23 061 871 сом;
- “Керемет банк” ААКсы – 6 562 055 сом;
- “Бакай Банк” ААКсы – 2 220 675 сом.

2025-жылдын 30-июнуна карата пайыз түрүндө эсептелген каражаттардын жалпы суммасы 35 764,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- “Демир банк” ЖАКы – 194 563 сом;
- “Айыл банк” ААКсы – 8 631 019 сом;
- “Элдик банк” ААКсы – 14 605 436 сом;
- “Бакай Банк” ААКсы – 865 459 сом;
- “Мбанк” ААКсы – 4 583 499 сом;
- “О банк” ААКсы – 4 155 333 сом;
- “Керемет банк” ААКсы – 2 728 807 сом.

Жогоруда жазылгандардын негизинде, буга чейин республикалык бюджетке которулган каражаттарды эске алуу менен, 31 531,5 миң сом суммасындагы каражаттарды Борбордук казыналык тарабынан республикалык бюджеттин кирешесине которуу боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Борбордук казыналыктын коммерциялык банктардагы эсептериндеги каражат калдыктарына эсептелген 31 531,5 миң сомго пайыздык кирешелерди республикалык бюджеттин кирешесине которуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен 4 коммерциялык банк ортосунда түзүлгөн келишимдерге ылайык, Бирдиктүү казыналык эсептен тышкаркы коммерциялык банктардагы эсептерде сакталган каражаттар боюнча пайыздык ченде киреше эсептелет. Бирок, калган 3 коммерциялык банк - ”Айыл банк” ААКсы, “Элдик банк” ААКсы жана “Демир Интернешнл Банк” ЖАКы менен түзүлгөн келишимдердин шарттары белгисиз себептерден улам, эсептеги каражат калдыктарына пайызды эсептөө каралган эмес.

Бул 3 банк боюнча пайызды эсептөөнү караган кошумча келишимдер 2025-жылдын март айында гана түзүлгөн.

Буга байланыштуу, аудит тарабынан эсептөөлөр жүргүзүлүп, келишимдерде пайызды эсептөө шарттарынын жоктугунан улам, республикалык бюджетке кошумча киреше болжолдуу эсептөөлөр менен 2024-2025- жылдары **51 398,6 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоо максатында, коммерциялык банктар менен өз убагында пайдалуу келишимдерди түзүү боюнча чараларды көрбөгөн кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесине ылайык, бюджеттик инвестициялар капиталдык салым түрүндө, биринчи кезекте, инвестициялык долбоорлордун натыйжалуулугун баалоону эске алуу менен, мурда башталган ички инвестициялык долбоорлорду аяктоого багытталууга тийиш. Мындан тышкары, аталган Кодекстин 29-беренесине ылайык, республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салым түрүндөгү инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү белгиленген критерийлерге ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (Финансы министрлиги) тарабынан жүргүзүлөт.

Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салым түрүндөгү ички инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу, кароо, техникалык-экономикалык негиздемелерди тандоо, ишке ашыруу жана тизмесин түзүү тартиби, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салым түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө” жобого ылайык аныкталат.

Аталган жобого ылайык, бюджеттин аткарылышын жана болжолун жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, мамлекеттик органдар сунуш кылган сунуштардын негизинде капиталдык салым түрүндөгү бюджеттик инвестициялык долбоорлордун Тизмесине киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат. Тизмеге төмөнкү артыкчылыктуу объекттер киргизилет:

1. Отчеттук жылы бүтүрүлө турган объекттер;
2. Мамлекеттик органдар тарабынан тартылган каражаттардан кошумча каржыланган курулуштар жана объекттер (объекттин наркынын кеминде 50 пайызынан аз эмес);
3. Милдеттүү жана баалоо критерийлеринин негизинде капиталдык салым түрүндө бюджеттик инвестициялык долбоорлордун тизмесине киргизүү үчүн, тандоо критерийлерине жооп берген курулуш объекттери.

Капиталдык салым түрүндөгү артыкчылыктуу бюджеттик инвестициялык долбоорлорду тандоодо, долбоордун социалдык жана экономикалык маанисин аныктай турган төмөнкү топтогу критерийлер эске алынат:

- Милдеттүү критерийлер – талаптар аткарылбаган учурда, долбоор башка мүнөздөмөлөрүнө карабастан четке кагылат;
- Баалоочу критерийлер – бул критерийлердин деңгээли долбоорго берилүүчү упайлардын санына таасир этет жана сапаттык жана сандык болушу мүмкүн.

Аудиттин жүрүшүндө Финансы министрлиги тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн Бюджеттик кодекстин 29-беренеси жана жобонун талаптары сакталбастан, курулуш объекттерин инвестициялык долбоорлордун Тизмесине киргизүүдө баалоочу критерийлердин негизинде тийиштүү баалоо жүргүзүлгөн эмес. Бул талаптарды сактабоо, капиталдык салым түрүндөгү инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда Финансы министрлигинин жооптуу кызмат адамдары тарабынан кайлыгер мамиле жасалгандыгын тастыктайт.

*Аудит субъектисинин комментарийлери:*

*Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтом долбоору демилгеленип, ага ылайык республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салым түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү тууралуу жобонун 7-пункту күчүн жоготту деп табылат. Учурда аталган долбоор министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуу баскычында турат.*

**Сунуштама:**

Капиталдык салым түрүндөгү бюджеттик инвестициялык долбоорлордун Тизмесине объекттерди тандоо жана кошууда, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 28-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салым түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө" жобонун 7-пунктунун талаптарына ылайык иш алып баруу камсыздалсын жана көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренеси сакталбастан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин буйругу менен бекитилген капиталдык салым түрүндө бюджеттик инвестиция долбоорлорунун Тизмеси "Кызматтык пайдалануу үчүн" (КПҮ) грифинде түзүлүп, министрликтин расмий веб-сайтында жайгаштырылбай, ачык-айкындуулук принциби бузулган.

Тизме тармактык жана аймактык (облустук деңгээлде) бөлүнүштө жарыялануууга да тийиш. Ар бир долбоор боюнча объекттин аталышы, объекттин жайгашкан жери (калктуу пункт, район), пайдаланууга берилүүчү датасы (жылы), долбоордун ишке ашырылышынан күтүлгөн натыйжа, долбоордун баасы көрсөтүлүшү зарыл.

*Аудит субъектисинин комментарийлери:*

*Учурда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтом долбоору демилгеленип, ага ылайык, Капиталдык салым түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө жобонун 26 жана 27-пункттары күчүн жоготкон деп табылат. Учурда бул долбоор министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуу баскычында турат.*

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 6-беренесине ылайык, капиталдык салым түрүндө бюджеттик инвестиция долбоорлорунун Тизмеси тийиштүү маалыматтары менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин расмий веб-сайтында жайгаштырылсын.

**Ички аудит кызматы жөнүндө**

**Аныкталды жана корутунду:**

"Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 13-мартындагы № 177 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана мекемелеринде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ички аудит кызматтарын түзүү жөнүндө" токтомун негизинде, 2022-жылга чейин ар бир мамлекеттик органда (министрликтер, ведомстволор) өзүнүн ички аудит кызматтары иштеп келген. Мыйзамга ылайык, бул кызматтар текшерилүүчү объекттин түзүмдүк бөлүмү болгон жана өзүнүн ички процесстерин текшерип келген. Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №280 токтому менен, бардык мамлекеттик органдардын ички аудит кызматтары жоюлуп (Бишкек, Ош шаарларынын мэрияларын жана күч түзүмдөрүн эске албаганда), алардын ордуна бир гана борбордоштурулган кызмат - Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы түзүлгөн. Аталган Мыйзамдын 3-беренесинде "Ички аудит кызматы - ички аудит объектисинин түзүмдүк бөлүмү" деп ачык көрсөтүлгөн. Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Ички аудит кызматы ведомстволук бөлүм катары иштейт. Бул болсо, Мыйзамга түздөн-түз каршы келет, анткени, Кызмат өзү текшерген объекттердин (башка министрликтер, мекемелер) түзүмүнө кирбейт, тескерисинче, аларга тышкы аудиттин функциясын аткарат.

Натыйжада, Ички аудит кызматы ички эмес, тышкы аудит функциясын аткарып калган. Ошентип, ички аудиттин классикалык принциптери тышкы көзөмөлгө алмаштырылган. Кызматтын укуктук статусу Мыйзамга дал келбейт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, тышкы мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы болуп Эсептөө палатасы эсептелет.

**Сунуштама:**

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:***

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №280 токтомун Кыргыз Республикасынын "Ички аудит жөнүндө" Мыйзамына ылайык келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн;

- Ар бир мамлекеттик органда өзүнүн Ички аудит кызматын түзүү менен, ички аудит тутуму калыбына келтирилсин;

- Ички аудит кызматтарынын функцияларын тышкы аудиттен так бөлүү камсыздалсын.

***Отчетко тиркемелер:***

- № 1 тиркеме, "Мамлекеттик өнүктүрүү банкы" ачык акционердик коомунун 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары (КПҮ);

- № 2 тиркеме, Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунун каражаттарынын келип түшүүсүнө жана пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары (КПҮ);

- № 3 тиркеме, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманын талаптарын сактабаган министрликтер, ведомстволор жана алардын ведомстволук мекемелери;

- № 4 тиркеме, 2024-жылдагы ишке ашпай калган долбоорлор;

- № 5 тиркеме, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин кызматкерлерине жүргүзүлгөн кошумча төлөмдөрдү талдоо (жашыруун);

- № 6 тиркеме, Республикалык бюджеттен бөлүнгөн дем берүүчү гранттардын эсебинен аткарылган жумуштардын көтөрмөлөнгөн көлөмдөрү боюнча маалымат.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**